84кн7.
Э-17.

Абдыжапар ЭГЕМБЕРДИЕВ

# ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ: ИНСАН ЖАНА МЕЗГИЛ



84ки7
Э-17

Абдыжапар ЭГЕМБЕРДИЕВ

# ЫСЫК – КӨЛ ОБЛУСУ: ИНСАН ЖАНА МЕЗГИЛ

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 271566

Каракол—2014

УДК 821,51
ББК 84 Ки 7-4
Э17

*Ысык-Көл облусунун 75 жылдык маарекесине карата*

**ЭГЕМБЕРДИЕВ Абдыжапар**

Э17 "ЫСЫК – КӨЛ ОБЛУСУ:
ИНСАН ЖАНА МЕЗГИЛ"
(Саясий-публицистикалык очерк)
-Каракол: "Карга Аке" басма үйү. 2014-ж., -120 б.
*ISBN 978-9967-454-49-1*

**Китепче Ысык-Көл облусунун түзүлгөндүгүнүн 75 жылдык маарекесине байланыштуу чыгарылып, облустун ушул мезгил ичинде басып өткөн жолу, оош–кыйыш турмушу, өсүп–өнүгүштөрү, анда иштеген биринчи жетекчилер жана эмгек алдыңкылары тууралуу кеңири маалыматтар берилди. Ал Көл өрөөнүнүн тургундарын, жалпы эле окурмандарды кайдигер калтырбайт деген ишеничтебиз.**

Э4702300400 УДК821,51
*ISBN 978-9967-454-491* ББК 84 Ки 7-4

© А.Эгембердиев, 2014
© «Карга Аке» басма үйү, 2014

# ӨТКӨН КҮН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

"Өткөнү болбой эл болбойт" дейт накыл кепте. Кыргыз – байыркы, түптүү калк. Өзүнүн 2200 жылдык, мүмкүн андан да узак тарыхый жолунда не бир калаймандуу күндөрдү башынан өткөрүп, турмуштун бууракандаган толкунунда эчен кыйрап, эчен кайра куралып, акыры чабылып – чачылса да, арып – ачса да минтип XXI кылымдын босогосуна эгемен журт катары эсен – соо кирип отурат.

Алда канча чоң деген элдер тарыхта изи калбай жоголду. Бир катары туруктуу жерине, мамлекеттүүлүгүнө, тилине ээ болбой, дүйнөгө таруудай чачылып, ар кимдин ирегесинде эптеп күн кечирип келатат. Кыргыздын бактысы – журт катары өзүн, тилин, дилин сактап калганында, Бириккен Улуттар Уюмунун алдында дөө – шаа өлкөлөр менен катар кырмызы туусун желбиретип, цивилизациянын бүгүнкү келкисине батыл аралашып жатканында.

Артка кылчайсак, калкыбыздан аты аңызга айланган не бир баатырлар, жаагын жанган чечендер, эл башкарган бийлер, жол көрсөткөн көсөмдөр, актаңдай акындар, миңдеген сапты алмадай башына батырган манасчылар, маани жайыбызды миң тарамдап салыштырып, сүрүштүргөн санжырачылар, касиеттүү олуялар, көзү ачык сынчылар, билерман саяпкерлер, таасын мүнүшкөрлөр чыккан. Алар өмүр чамасына, көкүрөк кудуретине жараша эли – журту үчүн кызмат кылып беришти, калайык – калк болсо асылдарынын атын өчүрбөй, муундардан – муундарга жомоктотуп өткөрүп, санжыра – санаттарында, дастандарында, уламыш – болумуштарында изин улап отуруп бүгүнкү

күнгө жеткирди. Анын туу чокусу – дүйнөдө теңтешсиз "Манас" эпосубуз болуп отурбайбы!

Быйыл "ак тоонун карды жарылган" күздө белгилене турган Ысык – Көл облусунун 75 жылдыгы узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына даңазалап айта турган зор дөөлөт окуя катары каралууга тийиш. Себеби, 75 жыл тарых ченеминен алганда көз ирмемчелик убакыт болгон менен, бир өрөөндүн өсүп – өнүгүштөрүнө, анда жашап, өмүр кечирген миң - сандаган адамдардын оош – кыйыш турмушуна, тагдырларына келгенде чоң мезгил.

Анын үстүнө, Ысык – Көл биз жогоруда айтып өткөндөй, жүздөгөн жылдар кийин болуучу окуяларды алдын – ала көрө билген көсөм, улуу ойчул Калыгул олуяны, кеменгерлик менен акылмандыктын, кара кылды как жарган калыстык менен эли – журту үчүн күйүп – жанган бийик атуулдуктун үлгүсүн көрсөткөн айтылуу жети Акени, Акылбек, Назар, Тыныбек, Чоюке, Сагынбай, Саякбай, Каба, Шаабай, Уркаш сыяктуу залкар манасчыларды, Карамолдо Орозов, Ыбрай Туманов, Чалагыз Иманкулов сыяктуу күү аталарын, Жусуп Абдрахманов, Касым Тыныстанов, Болот Мамбетов, Казы Дыйканбаев сыяктуу мамлекеттик ири ишмерлерди, Түгөлбай Сыдыкбеков, Мукай Элебаев, Жусуп Турусбеков, Касымалы Жантөшев, Касымалы Баялинов, Зуура Сооронбаева, Эрнис Турсунов, Омор Султанов сыяктуу таланттуу калемгерлерди, Иса Ахунбаев, Хусейин Карасаев, Жумагул Алышбаев, Аман Мамытов, Бүбүйна Орузбаева, Курмангалы Каракеев, Абдулхай Алдашев, Мамбет Мамакеев, Жаныбек

Жээнбаев сыяктуу илим сересине жеткен академиктерди, Советбек Жумадылов, Болот Миңжылкиевдей искусствонун кайталангыс жылдыздарын берген куттуу жер эмеспи.

Канткен күндө да, биз облусту жалпы республикалык айдыңда карайбыз. Баш калаабыз бир колдун манжасындай кылып элдин башын кошуп, түндүк менен түштүгү куштун кош канаты сыяктуу чабытын берип, өткөн кылымдын башталышына туш келген революциялык жаңыруунун желаргысы, кечээ жакындагы эле эгемендик толкундары өрөөнүбүздүн өзгөрүшүнө зор өбөлгө түзүп, эртеңки күнүбүзгө бийик ишеним берип келатканы эч талаш туудурбайт. Ушул ыңгайдан алганда Кыргыз мамлекет-түүлүгүнүн башатындагы айрым жагдайларга токтолуп, маалымат бере кетүү зарылчылыгы бар.

# ЖАҢЫ ТУРМУШТУН ТАҢЫНДА

1917-жылы Октябрь төңкөрүшү кыргыз жергесинде да ишке ашып, элге жер берүү, коллективдүү чарбаларга бириктирүү жумуштары башталбадыбы. Көл өрөөнүндө, өзгөчө Караколдо, Покровка, Түп, Теплоключенка сыяктуу чоң-чоң кыштактарда Россиядан келип отурукташкан бай орус дыйкандары көп болгондуктан, алар совет бийлигинин орношуна катуу каршылык көрсөтүп, мындай тескери күчтөрдү басуу 1918–жылдын этегине чейин созулган. Караколдо советтердин уезддик съезди болуп, ал бириктешкен чарбалык турмушту баштоо, кулактардын байлыгын ортого алуу, эл ичинде түшүндүрүү жумуштарын жүргүзүп, көпчүлүктү жаңы нукка салуу, башка бир катар уюштуруу маселелерин жүзөгө ашыруу милдеттерин койгон.

1921 – жылы большевиктер партиясынын X съездинде улут маселеси каралып, өлкөнүн курамындагы элдердин улуттук турмуш шарттарына дал келгидей мамлекетти куруу, жергиликтүү элдердин коомдук–саясий турмушунда, административдик башкаруу системасында, чарбалык органдарында иш кагаздарын эне тилинде жүргүзүү, жергиликтүү кадрларды өстүрүү маселелери каралган. Ушундан кийин улуттардын өкүлдөрү тарабынан өз алдынча түзүмдөрдү куруу демилгелери айтыла баштаган. Ушул жылы биринчи жолу Түркстан АССРинин курамында кыргыздардын өз алдынча административдик облусун түзүү меселеси

көтөрүлгөн. Анын башында Ж. Абдрахманов, И. Арабаев, А. Сыдыковдор турган.

1923 – жылы СССРде улуттук автономияларды түзүү жана улуттардын тең укуктуулугу жөнүндө маселелер кайра карала баштаган. 1924 – жылы жооптуу кызматкерлердин Орто Азия боюнча өткөн жыйынында И.Арабаев сүйлөп, негизги баяндамада кыргыздар тууралу таптакыр сөз болбогондугун сынга алган жана кыргыздар өз автономиясын түзүп, анан кайсы федерацияга, же республикага кирүүсүн өз алдынча чечип алуусу керек деп баса белгилеген.Ушул сыяктуу бир катар аракеттерден соң Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин 2–сессиясы Орто Азия элдеринин улуттук мамлекет болуп бөлүнүшү жөнүндө чечим кабыл алган.Ушул чечимге ылайык Кара кыргыз автономиялуу облусу түзүлүп, ал РСФСРдин курамына киргизилген. Жаңы түзүлгөн облустун большевиктик – партиялык жетекчиси болуп И. Каменский, революциялык комитеттин төрагалыгына И. Айдарбеков бекитилген. Бул түзүлүш 1925 – жылдын 25 – майына чейин сакталган.

Кара кыргыз автономиялуу облусунун курамына Түркстан АССРинин Жети – Суу облусунун Каракол, Нарын, Бишкек, Ош уезддери, Анжиян уездинин 10 болуштугу, Наманган уездинен 10 болуштук, Фергана облусунун Кокон уездинен 2 болуштук, Сырдарыя облусунун Олуя – Ата уездинен 14 болуштук кирген.

1925 – жылы 27 – 30 – мартта Пишпек шаарында Кара кыргыз автономиялуу облусунун Советинин алгачкы уюштуруу курултайы өткөрүлүп, ага 135 делегат катышкан. Негизги

маселе “Кара кыргыз автономиялуу облусунун Жобосун” иштеп чыгуу болгон. Курултай облустун аткаруу комитетин шайлап, ага мамлекеттик бийликти өткөрүп берген. Курамына И.Айдарбеков, Ж. Абдрахманов, И. Каменский, И. Султанаев жана М. Кизин кирген атайын комиссия түзүлүп, ага облустун Жобосунун долбоорун даярдоо тапшырылган.Ушул курултайдын сунушунун негизинде 1925 – жылдын 25 – майында өлкөнүн расмий аталышынан “кара” деген сөз алып салынып, Кыргыз автономиялуу облусу деп аталып калган.

Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитети 1926 – жылдын 1 – февралында Кыргыз облусунун аймагынын кеңдигин, чет мамлекет менен чектешкендигин, экономикасынын, маданиятынын жана тилинин маанисин эске алып, аны Кыргыз автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасына айландыруу жөнүндө чечим кабыл алган. Ошентип Кыргызстан РСФСРдин курамында өзүнүн мамлекеттүүлүгүнүн жаңы этабын баштаган. Бул чечим 1927 – жылдын 7 – 12 – мартында өткөн Кыргыз АССРинин Советтеринин I съездинде мыйзамдаштырылган.

Съезд Кыргыз АССРинин түзүлгөндүгүн расмий түрдө жарыялаган. Бул жөнүндөгү Декларацияда кыргыз элинин өз тагдырын өзү чечүү укугу аныкталып, Кыргызстанда жашаган элдердин өз ара ынтымакташтыгынын негизги принциптери белгиленген. Мындан тышкары Декларацияда Кыргызстандын Өкмөтүнүн айыл чарбасын, өнөр жайын, калктын саясий жана маданий деңгээлин көтөрүү боюнча практикалык милдеттери көрсөтүлгөн.

1927 – жылдын 12 – мартында Кыргыз АССРинин БАКтын Президиумуна 17 адам киргизилип, Президиумдун төрагалыгына Абдыкадыр Орозбеков шайланат. Сессияда Кыргызстандын Өкмөтү Эл Комиссарлар Советин түзүп, Жусуп Абдрахманов анын төрагалыгына дайындалат.Эл Комиссарлар Советине жер, финансы, эл агартуу, эмгек, жумушчу–дыйкан инспекциясы боюнча эл комиссарлары кирген. Мамлекеттик саясий жана статистика башкармалары түзүлгөн.

Кыргыз АССРи түзүлгөндөн кийин республикада анын Конституциясын иштеп чыгуу боюнча чоң иш-чаралар жүргүзүлгөн. Жергиликтүү Советтерге кезектеги шайлоолор өткөндөн кийин, 1929 – жылдын 25-30 – апрелинде Кыргыз АССРинин Советтеринин II съезди болуп өткөн. Ага 220 делегат катышып, Өкмөттүн отчетун уккандан кийин Конституция кеңири талкууланып, кабыл алынган.

Ошентип, Кыргыз АССРи мамлекеттик укуктарына ээ болгон. Кыргызстанда жашаган бардык элдердин тең укуктуулугу жарыяланып, алар өз тилинде билим алуу укугуна ээ болушкан. Кыргыз АССРинде мамлекеттик тил катары кыргыз жана орус тилдери эсептелген. Мамлекеттик кызматкерлер бул эки тилди тең билүүгө милдеттүү болгон. Кантсе да, кыргыз тилинин ролу жогорулап, анын өсүшү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

Бирок, совет бийлигинин учурундагы социалдык–экономикалык өзгөрүүлөр СССР-дин, союздук жана автономиялуу республикалардын Конституцияларында чагылдырылы-

шы керек эле да. Убакыттын өтүшү менен СССРдин 1924–жылы кабыл алынган биринчи Конституциясы, ошондой эле Кыргыз АССРинин 1929 – жылдагы Конституциясы эскирип, тарыхый жаңы мезгилге туура келбей калган.

Көптөгөн даярдыктан кийин 1936–жылдын 5–декабрында СССРдин Советтеринин VIII съездинде өлкөнүн экинчи Конституциясы кабыл алынган. Ушул күндөн тарта Кыргыз АССРи Кыргыз ССРине айланып, СССРдин курамына толук кандуу союздук республика катары кирген. Бул окуя кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн тарыхындагы чоң жетишкендик болгон.

Албетте, "бала ыйлабаса эмчек кайда" дегендей, мындай мамлекет тагдырына бай--ланышкан чоң маселе өзүнөн–өзү чечиле калбайт дечи. Ошол кездеги эл башчылары А.Орозбеков, Ж. Абдрахманов, Б.Исакеев СССР Өкмөтүнө кайра – кайра маселе коюп, жанбүдөөгө түшүп, бул иштин чечилишине эбегейсиз эмгек сиңиришкен. Анын үзүрүн биз бүгүн, эгемен эл болгон кезде да көрүп жатканыбызды баары эле биле бербеши да мүмкүн. Өткөнүн билбегендин келечеги кең болбойт эмеспи, булар тууралуу көпчүлүк, өзгөчө жаштар арасында айта жүрүшүбүз керек.

Турмуш өзгөрдү, социалдык–экономикалык жактан кыйла жылыштар болду. Ысык – Көл өрөөнү мурда Каракол уезди, Каракол кантону, Кыргыз ССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин 1938–жылдын 11–мартындагы токтому менен Ысык-Көл округу деген административдик бөлүнүштөр боюнча келсе, СССР Жогорку Советинин Президиумунун Төрагасы М.Калинин жана Президиумдун

Катчысы А.Горкин 1939 – жылдын 21 – ноябрында кол койгон " Кыргыз ССРинин курамында Фрунзе, Ысык – Көл, Тянь – Шань, Жалал–Абад жана Ош облустарын түзүү жөнүндө" Указынын негизинде өзүнчө облус катары бөлүнүп чыкты.Указда облустун борборун Каракол шаары деп, бирок, анын атын Пржевальск шаары кылып өзгөртүү, облустун курамына Пржевальск шаарын, Балыкчы шаар тибиндеги баселкесин, Жети – Өгүз, Ысык – Көл, Пржевальск, Тоң жана Түп райондорун киргизүү көрсөтүлгөн болчу. Агезде облустун аймагы 41, 9 миң чарчы чакырымды түзүп, 174, 2 миң адам жашаган.

Андан бери 75 жыл өттү, көп суулар агылды. Ысык–Көл облусу 1959 – жылы январь айында жоюлуп, административдик-аймактык түзүлүштү жакшыртуу максатында 1970-жыл-дын декабрь айында кайра түзүлдү. 1988-жыл-дын октябрында Нарын облусу менен кошулуп, 1991-жылы андан биротоло бөлүнүп чыкты. Азыр анын курамында Каракол, Балыкчы, Чолпон-Ата шаарлары, Ак-Суу, Жети-Өгүз, Ысык-Көл, Тоң жана Түп район-дору, 61 айыл аймактары, 182 калктуу пункттар бар. Калкынын саны 471 миң адам. Эл жыш отурукташып, керегеси улам кеңип бараткан Ак-Суу, Кызыл-Суу, Саруу, Барскоон, Дархан, Бөкөмбаев, Түп, Ананьев, Бостери айылдарын көрсөтө кетсек болот. Каракол шаарынан республиканын борборуна чейинки аралык 420, жакынкы темир жол түйүнүнө чейинки аралык 200 чакырымды түзөт.

Ысык – Көл облусу батыш жагынан Чүй, түштүк жагынан Нарын облустары, түндүгүнөн

Казакстан, түштүк чыгышынан Кытай Эл Республикасы менен чектешет. Облустун аймагында дүйнөдөгү эң бийик болгон Жеңиш (7439 м.) жана Хан – Теңири (6995 м.) чокулары жайгашкан. Жаан – чачындын жылдык деңгээли Балыкчы тушта 130 мм. болсо, Чыгыш Казакстан менен чек арада 1000 мм.ге чейин жетет.

Облустун аймагын Ысык – Көл, анан айдоо жана чабынды аянттар, чокусунан кылымдар ак кар, көк музу кетпеген улуу тоолор, көргөндүн көз кумарын кандырган карагайлуу беттер, керемет капчыгайлар, жылга – жыбыттар, дүпүйгөн көкжашыл токойлор ээлеп, Кытай тарабында кадимки өзүбүздүн Үзөңгү – Кууштун аска – жондору, казак жагында даркан талаалар менен чектеш тилкеде жатат.

Айтор, кандай болгон күндө да, кай тарабынан алганда да кынтык табыш кыйын. Мүмкүн бул кыргыздын пейилине жараша болгондур. "Тээ бир замандарда, Жер каймактаган мезгилде болсо керек, Теңир элге жер таратып калыптыр, - деп айтылат эмеспи уламышта. - Казак келип, өзбек келип, башкалары келип жерин алышат. Караса, кыргыз жок. Ал баягы энөөлүгүнө салып, "берсе жери тургандыр" деген ойдо уктап жаткан да. Бир маалда ойгонуп, шаша - буша Теңирге келип атпайбы. "Эмне кылам, - дейт Теңир, – болгону бүт таралып кетти, учурунда келбеген өзүңөн көр!" Кыргыз сабыла берген болуш керек, Теңир акыры боору ооруп, өзүнө дача кылсам деп кастарлап койгон керемет жерин көлү менен кошо берип ийген тура".

Башкалар менен тең жарышып, учурунда келгенде кайсы жер тийет эле ким билет.

Мүмкүн Африканын саванналарына, же Сахаранын кум учурган чөлдөрүнө туш келмектирбиз. Бир эсе кыргызбайдын ошондо уктап калганы да ырас болгон экен дейсиң.


Бул эми жерге байланыштуу айтыла калган кеп дечи. Тээ Октябрь таңынан кийинки өрөөндүн турмушуна кайрылып барсак, көптөгөн кыйынчылыктар болгону эч талаш туудурбайт.

Кыргыз жайкысын жайлоодо, кышкысын кыштоодо көчүп – конуп, мал менен жүргөн эл болгондуктан, өнөр жай тармагы жайыраак өнүккөн. 1918–жылдан тарта негизинен күн карамадан, зыгырдан, кычыдан май алуучу, булгаары жана тактай тилүүчү, кендирден аркан эшүүчү 10–15 киши иштеген чакан цехтер, суу тегирмендер, кийим тигүүчү, бут кийим оңдоочу мастерскойлор ачылган. Бара-бара 1930–жылдан 1939–жылга чейин Караколдо май, нан, кыш заводдору, Түптө май, кыш, Күрмөнтү цемент заводдору, Каракол жана Балыкчы жылуулук электр станциялары, Ак–Сууда "Жыргалаң" көмүр рудниги ачылган. Бул ишканалар кантсе да жүздөгөн адамдарды иш менен камсыз кылып, өрөөндө жумушчу табын калыптандырууга, элдин турмушуна жаңы тармактарды аралаштырууга өбөлгө түзгөн.

Өнөр жайдын өр ала башташы менен жол катнашын түзүү зарылчылыгы келип чыккан. Бишкек–Балыкчы–Каракол шоссе жолу салынып, Каракол пристанында чакан кемелерди куруучу жана ремонттоочу мастерскойлор ишке киргизилген. Жергиликтүү калк кеме, баржалар менен жүк, жүргүнчүлөрдү ташуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, Ысык–Көлдө жүргүнчүлөрдү ташуучу

алгачкы “Кыргызстан прогресси“ кемеси жүрө баштаган.

Коомдук тамактандыруу, калкка акы алып кызмат көрсөтүү тармактарында да жылыштар болгон. Каракол шаарындагы мурдагы көпөстөрдүн бир катар жыгач үйлөрү, эки кабат имараттары ортого алынып, айрымдарына мекемелер, жаңы түптөлүп келаткан окуу жайлар, өнөр жайлык багыттагы чакан цехтер киргизилсе, айрымдары ашканага, соода точкасына айландырылып, калк кызматына коюлган.



Анткен менен, Ысык–Көл дыйканчылыкты жана мал чарбасын карманган агрардык облус боюнча калган десек болот. Жер – жерлерде жер – суу комитеттери иштеп, ар кандай тоскоолдуктарга карабастан коллектив-дүү чарбага бирге башташкан. Алгачкы артелдер пайда болгон. Өрөөндөгү алгачкы коллектив-дүү чарба катары 1918--жылы Дархан айылында “ Эмгек” деген ат менен түзүлгөн артелди көрсөтүүгө болот. 1921–жылдан тарта “Кошчу бирлиги” деген уюм түзүлүп, кедей – кембагалдар менен иштешүү-нүн алгылыктуу формасы катары дурус натыйжаларын берген. 1939 – жылга, б.а.

Ысык – Көл облус болуп түзүлгөнгө чейин өрөөндөгү дээрлик бардык чарбалар коллективдешип, колхоз – совхоздорго айландырылган.

Колхоз – совхоздорду уюштуруп, аларды чарбалык жактан чыңдоого райондордо түзүлгөн МТСтер чоң таасирин тийгизген. 1939 – жылы МТСтердин баарында саясий бөлүмдөр түзүлүп, ар биринин өз – өзүнчө гезиттери чыга баштаган. Аларда коллективдүү чарбалардагы иштердин абалы, проблемалары кеңири чагылдырылган. МТСтер жалпысынан 10 миң ат күчүнүн кубаттуулугуна ээ болгон 500 тракторду, 190 дан комбайнын, 80 жүк ташуучу автомашинаны, жазгы жана күзгү талаа жумуштарында пайдаланылуучу көптөгөн айыл чарба шаймандарын бириктирип турган.

Бирок, бул сыяктуу максатуу иш-аракеттерге, жалпы өрөөн боюнча жүрүп жаткан күрдөөлдүү кыймылга карабастан, 1939 – жылы жаңы түзүлгөн облустун чарбалык көрсөткүчтөрү дароо эле күткөндөгүдөй болгон эмес.158 миң га. айдоо аянтынын ар гектарынан 8 центнерден дан, 69 центнерден картөшкө, 57 центнерден жашылча алынып, чакан – чакан түзүмдөрдөгү 197 колхоздун жана 9 совхоздун жалпы кирешеси 20,5 млн. рублди түзгөн. Айыл чарба техникалары элдин турмушуна али толук кире электиги, чарбалык жумуштардын көбү кол күчү менен бүткөрүлгөнү, сугат тармактарынын жоктугу, тиешелүү билими бар адистердин жетишсиздиги, уюштуруу иштеринин төмөндүгү буга чоң кедергисин тийгизгени айтпаса да түшүнүктүү.

Эл туташ сабатсыз болгон. Элге кат таанытуу учурдун башкы маселеси болуп, жаңы турмушка багыт алган көпчүлүк, өзгөчө жаштар тамга таанып, билим алууга умтула баштаган. Жер - жерлерде өспүрүмдөр, кыз – келиндер үчүн мектептер ачылып, чоңдордун сабатсыздыкты жоюу курстары уюштурулуп, Дүйшөнгө окшогон жалын жүрөк жигиттер өздөрүнүн жармач деңгээлине, өпчап турмушуна карабай, окутуунун түмөн түйшүгүн көтөрүшкөн. Имарат жок болгондуктан эптеген мал сарайларды, эски боз үйлөрдү мектеп катары пайдаланган учурлар көп болгон. Баарын камсыз кылууга жергиликтүү бийлик-тердин чамасы жеткен эмес. Айтматовдун "Биринчи мугалиминде" сүрөттөлгөндөй, аларга шылдың менен карап, терсаяктык кылган түшүнүгү тайкы адамдар да болгон.



Ошентсе да, облус уюшулган 1939 – жылы өрөөндө 24 орто, 76 толук эмес орто, 63 башталгыч мектептер иштеп, аларда 1509

мугалим эмгектенген. Мугалимдердин 200үнүн гана жогорку билими болгон. 1940 – жылы эки жылдык мугалимдерди даярдоо институту, медициналык орто окуу жайы ачылып, агартуу тармагында алгылыктуу аракеттер жүрө баштаган. Кылымдар караңгылыктын торунда келген элдин көзү ачылып, эртеңки күнгө бийик ишенимдер пайда болгон.

Эски заманда, Октябрь төңкөрүшүнөн кийинки жылдары деле элдин эң башкы көйгөйү саламаттык сактоого байланыштуу болуп келгени белгилүү эмеспи. Жергебизге жаңы турмуш келген менен мындагы абал дароо эле оңоло калган эмес. 1939 – жылы өрөөн боюнча 552 койка-оруну бар 17 оорукана иштеп, аларда 52 дарыгер, медициналык атайын орто билимдүү 284 кызматкер гана эмгектенген. Жугуштуу ооруларга карата эмдөөлөр жүргүзүлбөгөндүктөн, оорулууларга өз учурунда жардам көрсөтүлбөгөндүктөн эл ичинде, өзгөчө балдар жана энелер арасында зыянга учурагандар көп болгон. Тиешелүү кадрлардын, зарыл дары – дармектердин жетишпегендиги, медициналык жабдуулардын жоктугу элдин саламаттыгын сактоого чоң тоскоолдук келтирген. Ал жылдарда көп адамдардын баштагыдай эле эмчи – домчуларга кайрылууга, өз алдынча чөпчар менен дарылануурга аргасыз болгону тармактын абалы канчалык оор болгонун көрсөтөт.

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА

# КААР ЖЫЛДАР

1937–1938–жылдардагы сталиндик репрессия бүт өлкөдөгүдөй эле Ысык–Көл элинин башына түшкөн оор мүшкүл болгон. Совет мамлекетинде жашаган дээрлик бардык эле улуттардын ичинен чыккан билимдүү, келечекти көрө билген адамдарды жок кылуу саясаты жүргөн да. Сталинге жана анын тегерегиндегилерге тоскоолдук кылбасын деп көптөгөн көрүнүктүү жетекчилер, мамлекеттик жана коомдук ишмерлер, чыгармачыл интеллигенциянын өкүлдөрү жалган жалаа менен атылып кетишкен.1938 – жылдын 8 – сентябрында эле кыргыздын бакыйган 136 эр азаматы атылып, Чоң – Ташка көмүлгөнү кийин белгилүү болбодубу. Алардын арасында Ысык – Көлдөн Ж. Абдрахманов, К. Тыныстанов, С.Чоңбашев, Х. Жээнбаев, К. Шооруков ж.б.лар болгон. Эл душмандары катары жалган жеринен көздөрү тазаланган ошол кайрандарды эскерүүгө арналган иш-чаралар "Ата–Бейит" мемориалдык комплексинде жыл сайын өткөрүлүп, бир адилетсиз мезгилдин жүрөк сыздаткан шооратын улам эске салып турат.

Бирок, эл башына келген кыйынчылыктар ошону менен эле бүтө калган жок.1941–жылдын 22-июнунда Германиянын совет өлкөсүнө кол салышы көлдүктөрдүн да тынч эмгегин үзгүлтүккө учуратты.

Фашисттер 1939–жылы дүйнөлүк экинчи согушту баштап, Европанын бир катар мамлекеттерин: Чехословакияны, Польшаны, Францияны, Бельгияны, Голландияны, Данияны, Норвегияны, Югославияны, Грецияны басып алган болчу. Натыйжада

анын экономикалык абалы, согуштук күч–кубаты күчөп, дүйнөлүк үстөмдүккө жетүүгө жутунуп жаткан. Ал "Барбаросс" планынын негизинде СССРди бир нече жуманын ичинде алсыратып, 1941-жылдын кышына чейин эле өлкөнүн Европа бөлүгүн басып алууну көздөгөн.

Германия адегенде өзүнүн 5,5 млн. адамдан турган 190 дивизиясы, эсепсиз согуштук техникалары менен совет өлкөсүнө басып кирип, ага Италиянын, Финляндиянын, Румыниянын, Венгриянын жана Испаниянын аскер күчтөрү кошулган. Чындыгында эле, буларга каршы туруу СССР үчүн адегенде өтө оор болуп, аскер күчтөрүнүн жана тынч жаткан элдин болуп көрбөгөндөй кыргынга учурашына алып келген.

Согуш жөнүндө кабар жалпы совет элин, анын ичинде кыргызстандыктарды да дүрбөлөңгө салып, калктын кыжырдануусун туудурган. Ысык–Көл облусунун борборунда, бардык айыл-кыштактарында миңдеген адамдар катышкан чогулуштар, митингдер өтүп, аларда жумушчулар, колхозчулар, жаңы түптөлгөн интеллигенциянын өкүлдөрү Ата Мекенди коргоо үчүн болгон күч–аракетин, эмгегин, керек болсо өмүрлөрүн аябай тургандыктарын билдиришкен. Аскер комиссариаттарына барып, өз ыктыяры менен согушка, такыр эле болбосо оорук жумуштарына жөнөтүүнүн сурангандар көбөйгөн.

Эр бүлөнүн көбү фронтко кетип, облустун айыл чарбасында иштеген эркектер 59 пайызга азайган. "Баардыгы фронт үчүн!", "Баардыгы жеңиш үчүн!" деген чакырыктар көтөрүлүп, бели ката элек өспүрүмдөр, аялдар, кары–картаңдар ооруктун жүгүн көтөрүшкөн. Дем алыш күн деген болгон эмес.

Эртеден кечке жазгысын жер айдоо, күзгүсүн дан бастыруу, коомдук мал үчүн тоют топтоо, мамлекеттин кабыл алуу пункттарына түнкүсүн эгин ташуу жүрүп турган. Чүйлүк атактуу кызылчачылар К.Шопокованын, З.Кайназарованын, түштүктүн пахта өстүрүү боюнча устаттары Ө.Атабекованын, Х.Ташировдун жолун жолдоп, чарба жумуштарында нормаларын ашык аткаруу туруктуу эрежеге айланган.

Мындай эмгек маяктары тууралу сөз болгондо Көл өрөөнүнүн кыз – келиндеринен чыккан алгачкы комбайнер Жамила Дүйшееваны айтпай кетүүгө болбойт. Ал өмүрлүк жары согушка кетери менен механизаторлук кесипти аркалап, бара – бара комбайндын штурвалына отурган. Талды-Суу, Арал, Тасма, Чоң-Тогузбай жана Токтоян айылдарынын эгиндерин жалгыз өзү бастырып, эмгектин чыныгы үлгүсүн көрсөткөн. Кыз-келиндерден шакирттерин чыгарып, коңшу өрөөндөрдөн келгендерге кеп–кеңешин берип, тажрыйбасын бөлүшүп, кийин чоң чарбанын комплекстүү бригадасын башкарган.

Согуш жылдарында өнөр жай тармагы да көңүл борборунда болуп, “Күрмөнтү” цемент заводу, Балыкчы эт комбинаты, Кант-Балыкчы темир жолу курула баштаган. Пржевальск кийим тигүү, бут кийим тигүү фабрикалары ишке киргизилип, “Жыргалаң” таш көмүр кени кеңейтилген, Пржевальск ГЭСин куруу жөнүндө токтом кабыл алынган.

Облустун эли фронтко талаалардагы, мал чарба фермаларындагы, өнөр жайдагы кайратман эмгектери менен гана эмес, жеке каражаттары аркылуу да жардам беришкен.

Өздөрүнүн өпчап жашоосуна карабастан фронт үчүн эмгек акысынын бир бөлүгүн, баалуу буюмдарын, алтын, күмүш жасалгаларын, тамак–аш азык–түлүктөрүн жөнөткөндөр көп болгон. Коргонуу фондусун түзүүгө айыл тургундары өзгөчө чоң колдоо көрсөтүшкөн. Облустагы "Кереге–Таш" айыл чарба артелинин мүчөсү Т. Сатыбалдиев өз короосунан ушул коргонуу фондуна 50 кой кошуп, эл арасында кыш мезгилинде фронтко жылуу кийим жөнөтүү демилгеси күч алган.

Согуш учурунда Кыргызстандын эли кийим –кече, 72 миң тонна эгин, 45 миң тонна эт, 43 миң тонна картөшкө, бир нече танк жана согуштук самолётторду курганга жеткидей акча чогултуп бергени белгилүү. Бул акча каражатынын бир бөлүгү Ысык–Көлдүн эли тарабынан жыйналганын, касиеттүү жергебизде Мекенди чет элдик баскынчылардан коргоо кыймылы бөтөнчө күч менен жүргөнүн бүгүн сыймыктануу менен айтышыбыз керек.

Ошол оор шартта республиканын, анын ичинде облустун эл чарбасын согуштук багытка которуу, фашисттердин чабуулуна байланыштуу өлкөнүн чыгыш райондоруна көчүрүлгөн завод–фабрикаларды, башка өнөр жай ишканаларын жайгаштыруу, аларды жумушчу күчү, чийки зат, электр энергиясы, транспорт менен камсыздоо, эвакуацияланган калкты кабыл алып, ишке орноштуруу өтө чоң милдет болгон. Эвакуацияланып келгендерге облустун эли колунан келишинче жардам берген. Согуш жылдары Кыргызстанга 66 завод – фабрика, башка ишканалар, илим – изилдөө институттары көчүрүлүп, Николаев кеме куруу, Ленинград ветеринария институттары Пржевальск шаарына, согуштан жа-

радар болгон жоокерлерди дарылоо борборлору – “Койсары”, “Жети-Өгүз” курортторуна жайгаштырылган.

1942–жылдын аягына чейин эле Кыргызстанга эвакуацияланып келген 310 миң адамдын, алардын бала–чакасынын 10 пайызы Ысык–Көл облусуна бөлүштүрүлгөнү тууралу так маалыматтар бар. Булар Москва, Сталинград шаарларынан, Москва, Ленинград облустарынан, Украина менен Белоруссиядан келген адамдар, Россиядагы майда калктардын өкүлдөрү болгон. Түп районундагы Сары–Булак айылында Польшадан келген балдардын үйү ачылган. Көлдүктөр тыштан келгендерди өз бооруна алып, бир чөөгүн чайына, бир сындырым нанына чейин бөлүшүп, ата–бабадан бери келаткан адамгерчилик, кең пейилдик бийик сапаттарын көрсөтүшкөн. Булар негизинен согуштан кийинки жылдары мекенине кайтып, орус, украин, карачай, кабардин–балкар, чечен ж.б. улутундагы көп эле адамдар Көл өрөөнүндө биротоло калып, бүгүнкө чейин жашап келатышат. Кабардин–балкар Эл акыны, Лениндик сыйлыктын лауреаты Кайсын Кулиевдин кийин жергесине барганда жазган таланттуу ырлары дүйнөнүн бир катар тилдерине которулуп, эки элдин достугун, бир тууугандык байланыштарын бийик сезим менен даңазалап турат.

Канткен менен, согуш деген–согуш да. Ошол кандуу кыргындын капшабында атасынан, бир тууганынан, уулунан, башка жакындарынан ажырабаган боору бүтүн үй–бүлө калган жок. Өрөөн боюнча 35 миңден ушуун адам эли–жерин баскынчылардан коргоо үчүн кан күйгөн батышка аттанса, алардын теңи гана туулган жердин тузун татты. 14,5 миң адам баскынчылар менен болгон кармаштар-

да курман болуп, бөтөн жердин турпагын жамынышты.

Ысык-көлдүк Жумаш Асаналиев, Николай Ананьев, Казак Жаркынбаев, Григорий Конкин, Петр Колесников, Василий Кайкин, Ефрем Курочкин, Евгений Михайленко, Иван Москаленко, Евдокия Пасько, Григорий Петренко, Андрей Титов, Калыйнур Үсөнбеков, Григорий Шемякин өлчөмсүз эрдик көрсөтүп, "Советтер Союзунун Баатыры" деген ардактуу наамга татыктуу болушту. Н.Г. Глотов, А. Карымшаков, Ч.Осмонов "Даңк" орденинин толук кавалери катары эли–журтунун сыймыгына бөлөнүштү. Алардын көпчүлүгү согуш талаасында курман болсо, кээси Ата Журтуна эсен–соо келип, кийин кайтыш болушту.

Согуш мезгилинде пулеметтун оозун көкүрөгү менен тоскон, танканын алдына боюн таштаган, самолёту менен таран жасаган көп эле эрдиктер болсо да, жердешибиз Ашырбай Коёнкөзовдукундай каармандыкты эч ким жасай алган эмес. Ал ары балбан, ары көзгө атар мерген, жүрөгүндө жалы бар адам болгон. Бир ирет полктун командирин узатып баратканда немистердин буктурмасына кабылып калышат. Алар ыргыткан үч гранатаны тосуп алып кайра ыргытып, фашисттердин өзүн жок кылат. Согуш жылдары жалпысынан 138 көркоону өлтүрүп, 17син тирүү кармап келген. Улуу Ата Мекендик согуштун I даражадагы ордени, башка ондогон күжүрмөн сыйлыктар менен сыйланып, 1944–жылдын этегинде баатырларча курман болгон. Өзү кызмат кылган аскер бөлүгү тарабынан ага "Советтер Союзунун Баатыры" наамын берүү сунушу жөнөтүлүп, ошол кыргындуу согуш күндөрүндөгү башаламан, оор кырдаалдан

улам аягына чыкпай калганы өкүндүрөт. Кийин анын ысымы өзү туулуп-өскөн Токтоян айылындагы орто мектепке, Бишкек жана Каракол шаарларындагы бирден көчөгө берилген.

Албетте, жылдар жылышкан сайын каардуу согуштун жаңырыгы бизден улам алыстап, ардагерлердин катары да суюлуп барат. “Кечээ көргөн бүгүн жок, ушундай экен дүйнө бок” деп “Манас” эпосунда айтылгандай, кээ бир айылдарда согуш ардагерлери дээрлик эле калган жок. Бирок, “Эч ким, эч нерсе унутулбайт!” деп ондогон жылдар ураан катары айтып келбедикпи. Эли–жерибиздин эркиндиги, көз каранды эместиги үчүн каны–жанын беришкен аталардын эрдиги кылымдар айтылып, кийинки муундарды патриоттуулукка, мекенчилдикке үндөй бермекчи.

Кантсе да, ысык–көлдүктөр согуш жылдары чоң сыноодон өттү десек болот. Күн–түнү жанетти жегизген оор эмгек, ачкачылык, фронттон келген “кара кагаздар”, жакындарынан айрылуу кайгысы, түгөнбөгөн көз жаш... Айтор, анын баарын сөз менен жеткирүү кыйын. Кийин колубузга тийген Айтматовдун “Эрте жаздагы турналары”, андагы Султанмураттын тагдыры ошол оор жылдардагы элет турмушунун бир үзүмү катары жүрөгүңдү оорутат. Ачкачылык майыштырып, бир жалам талкан көздөн учуп турган шартта кырмандан тоголок дан албай, кезерип чыдаган балдардын эркин не дейсиң! Алардын жанында бүгүнкү кеңири заманда мамлекеттин миллиондогон сом байлыгын уурдап, күлтүңдөп көрүнгөн жерде качып жүргөн шүмшүктөрдүн адам деген атты алып жүргөнүнө арданасың да.

# ЖОЛДУ БАСКАН АРБЫТАТ

Улуу Ата Мекендик согуш совет элинин жеңиши менен аяктады. Бардык союздук республикаларда мезгилдин шартына ылайык фронтко продукция өндүрүп келген өнөр жайды тынчтык курулушуна котоорyy милдети турду. 1946 – жылдан тарта Кыргыз ССРинин өнөр жай ишканалары да толук бойдон тынчтык турмушка ылайыкташып, эл чарбасы, эмгекчилер үчүн продукцияларды чыгарууга өттү.

Завод – фабрикаларда 8 сааттык жумуш күнү, дем алыш күндөрү, эмгек өргүүлөрү киргизилип, милдеттүү түрдө нормадан ашыкча иштөө жоюлду.1946 – жылдын август айында Кыргыз ССР Жогорку Советинин 11 – сессиясы жалпы союздук планга ылайык 1946 -1950–жылдары республиканын эл чарбасын калыбына келтирүүнүн жана өнүктүрүүнүн беш жылдык планын кабыл алды.

Мына ушул планга ылайык республиканын индустриялык дарамети кыйла өсүп, Ысык – Көл облусунда 20дан ашуун ири ишканалар эксплуатацияга берилди, бир катар завод – фабрикалар реконструкцияланды. Өнөр жайында дүң продукция өндүрүү 1950 – жылы 1940 – жылга салыштырганда 4,2 эсеге, анын ичинде көмүр казып чыгаруу 1,7 эсеге жогорулады. 1940 – жылы 4,5 миң жумушчу иштесе,1950 – жылы алардын саны 9,1 миңге көбөйдү.

Облуста өнөр жайдын тез темп менен өсүшү аларда иштей турган адистерге талапты күчөткөн. Өрөөндөгү калктын негизинен айыл жерлеринде жашашы, кыргыздардан

чыккан жумушчулардын аздыгы жана алардын адистиктеринин төмөндүгү жумушчулардын, өзгөчө инженер–техникалык кызматкерлердин өлкөнүн башка регионторунан келишин шарттаган. Натыйжада СССРдин өнөр жайлуу регионторунан тартылган жумушчулардын миграциясы башталган.

Төртүнчү беш жылдык планда айыл чарбасынын абалын жакшыртуу, согуштун кесепетинен кескин түрдө азайып кеткен айдоо аянттарын жана малдын башын калыбына келтирүү милдеттери коюлган. План боюнча 1950–жылга чейин жылкынын санын 80 миңге, уйдукун 92 миңге, кой–эчкини 800 миңге, чочкону 75 миңге жеткирүү белгиленген.

Согуштан кийинки жылдары облуста колхоздорду ирилештирүү, алардын менчиктерин бекемдөө, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, эмгекке акы төлөөнү жакшыртуу иштерине өзгөчө көңүл бурулган. 1946–жылдын февралында СССР Жогорку Советинин "Кыргыз ССРинин айыл чарбасын өнүктүрүүнүн чаралары жөнүндө" токтому чыгып, республикага, анын ичинде Ысык–Көл облусуна тракторлор, дан комбайндары, автомашиналар, башка айыл чарба шаймандары, запастык тетиктер, минералдык жер семирткичтер кошумча түрдө бөлүнгөн. Айыл чарба адистери көбөйүп, чарбалык уюштуруу жумуштарында кыйла жылыштар болгон. Натыйжада эл чарбасынын бул тармагы 1950-жылы 1940–жылдын деңгээлине чыгып, дан эгиндерин өндүрүү 33 пайызга көбөйгөн.

Бүгүн өткөн күндөргө кылчайсак, 1950–жылдан тарта жалпы эле кыргыз жергесинде, анын ичинде Ысык–Көл облусунда



күрдөөлдүү иштер жүрүп, өнөр жайында, айыл чарбасында, социалдык тармактарда, ошондой эле, элдин жашоо - турмушунда ири ийгиликтерге жетишилгенине күбө болобуз.

Эң башкысы облустун аймагында транспорттун бардык негизги түрлөрү: автомобиль, темир жол, аба жана суу транспорту чечилген. Региондун географиялык өзгөчөлүгүнө жараша жүк жана жүргүнчүлөрдү ташуу автомобиль транспорту менен жүргүзүлгөн. Анын негизги бөлүгү Ысык–Көлдүн айланма жолуна туура келген. Бул жол Балыкчы–Бишкек темир жол түйүнүнө, Чүй өрөөнүнө, ал аркылуу Казакстанга жана коңшулаш башка республикаларга, Нарын облусу аркылуу Кытайга чыгууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Айланма жол чыгыш жагынан "Жыргалаң" шахтасына, Каркыра жайлоосу аркылуу Казакстанга, Нарын жана Сары–Жаз дарыяларынын башталыш куймаларына чейин жеткен.



Облустун аймагындагы автомобиль жолунун жалпы узундугу 2855 чакырымды түзүп, анын 869 чакырымы эл аралык, 766 чакырымы мамлекеттик, 1220 чакырымы жергиликтүү

мааниге ээ болгон. Айланма жол толук, жергиликтүү маанидеги жолдордун айрым бөлүктөрү асфальтталып, калганына шагыл төшөлгөн.

Пржевальск, Чолпон – Ата аэропорттору ишке киргизилип, алар ошол учурдун талабына ылайык самолеттор, учуу – конуу тилкелери, административдик жана складдык жайлары, навигациялык жабдуулар менен камсыз кылынган. Бишкек, Алматы, Ош, Жалал-Абад шаарларына, Нарын облусунун Тогуз-Торо районуна аба каттамдары ачылган.

Өнөр жай ишканаларынын тармагы кеңири кулач жайган. Облустун борборунда балык өстүрүү, кыш чыгаруу, машина куруу, темир – бетон, электротехникалык, "Улан" заводдору, үй куруу, турмуш – тиричилик, эт жана сүт комбинаттары, жаңы типтеги автовокзал пайдаланууга берилген.

Ошол жылдары калк кызматына коюлуп, облустун экономикалык жактан өнүгүшүнө чоң өбөлгө түзгөн ишканалардын катарына Түп нан заводун, турмуш–тиричилик комбинатын, Тоңдогу балык өстүрүү, Кажы–Сай нан, электротехникалык заводдорун, Покровка кирпич заводун, Балыкчы нан заводун, эт, жемиш-шарап жана дан комбинаттарын кошууга болот. Райондордун борборлорунда, Чолпон–Ата, Балыкчы шаарларында курулган автовокзалдар жүргүнчүлөрдү тейлөө, Пржевальск Пристаны, Балыкчыдагы "Ысык – Көл" кеме чарбасы жүк ташуу түйүндөрү катары талаптагыдай иштешкен.

Совет өлкөсүнүн жетекчиси И. В. Сталин учурунда: "Кадрлар бардыгын чечет" деген

эмеспи. 1959-жылы КПСС БКнын партиялык, советтик кызматтарда иштеп жаткан тажрыйбалуу, уюштургуч кадрларды колхоз – совхоздордун жетекчилигине жиберүү жөнүндө токтому чыгып, бул облустун айыл чарбасынын өнүгүшүнө чоң түрткү берген.Чарба жетекчилери гана эмес, орто жана төмөнкү звенодогу бардык кадрлар талдоого алынып, мүмкүн болушунча татыктуу, адистиги бар адамдар дайындалган.

Айыл чарбасын туура пландаштыруу, чарбалардын рентабелдүүлүгүн арттыруу, жерди которуштуруп айдоо, сугат тармактарын түзүү, айыл чарбасында иштегендерди учурунда эс алдыруу, тамактандыруу үчүн талаа стандарын уюштуруу колго алынган. Коомдук малды жетиштүү санда жылуу короо – сарайлар менен камсыз кылуу, малдын башын өстүрүп, азыктуулугун көтөрүү үчүн тоют базасын түзүү, кыштоолорго, ички жана алыскы жайыттарга жол салуу кечиктирилгис милдеттерден болгон. Үрөнчүлүк, асыл тукум мал өстүрүү жана мамлекеттик мал бордоо чарбалары уюштурулган.

“Аракет кылсаң–берекет” дегендей, партия -лык, советтик жана чарбалык жетекчилердин, адистердин, айыл эмгекчилеринин талыкпаган максаттуу иш–аракетинин натыйжасында талаачылыкта да, мал чарбасында да чоң ийгиликтерге жетишилген. Жемиштүү делген жылдары облус боюнча дан эгиндеринен 35, картөшкөдөн 240, тоюттук жүгөрүдөн 300 центнерден түшүм өстүрүлүп, ар жүз тубар малдан 101 ден козу, 87ден кулун, 92ден музоо алынган. Түп районундагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы, Тоң районундагы Ленин

атындагы колхоздору, Жети – Өгүз районундагы мамлекеттик мал бордоо, “Оргочор” асыл тукум кой өстүрүү чарбалары сыяктуу бир катар колхоз-совхоздор жыл сайын ар жүз тубар койдон 120дан кем эмес төл кириштесе, ар жүз тубардан 150 – 160тан козу, ар бир койдон 5 килден жүн алган мал чарба устаттары чыккан. Бир нече короо койду катар кармаган “коллективдүү подряд” деген ыкма практикага киргизилип, сүт өндүрүү боюнча да ага чейин болуп көрбөгөндөй көрсөткүчтөр жаралган.

Ошол күрдөөлдүү мезгилде Ак–Суу районунда О. Түлөбердиев “Жаңы Жылдыз”, Н. В. Ничволод “Заря коммунизма” колхоздорун, А.Айтбаев “Каракол”, М.Кулатаев “Путь Ильича”, А.Дүйшөкеев “Жыргалаң” совхоздорун, Түп районунда А. Я. Приставкин СССРдин 50 жылдыгы атындагы, З. В. Черкашенко “Победа”, А. Шаменова “Жылуу–Булак”, А. Жайлообаев Ленин комсомолу атындагы колхоздорун, В. Я. Зайнулин “Санташ” совхозун, Ысык–Көл районунда К. Муратов №54 жылкы заводун, М. Я. Смирнов “Новый путь” колхозун, Ш. Өмүрзаков Карл Маркс атындагы, А.А.Багринцев “Первое мая” колхоздорун, Т.Султанов “Өрүктү” совхозун илгиртпей башкарып, республикага даңазасын чыгарган жылдар болгон.

Тоң районунда Ленин атындагы колхозун И. Тойчубеков, Карл Маркс атындагы колхозун А. Карымшаков, XXII партсъезд атындагы колхозун Ж. Эшперов, “Тоң” совхозун Т.Аламанов, Жети–Өгүз районунда “Коммунизм“ колхозун А.Т.Юматова, “Ала–Тоо” колхозун А. Сатылганов, “Тамга” колхозун К. Ороз-

баков, “Оргочор” асыл тукум кой өстүрүү чарбасын К. Мамбеталиев ийгиликтүү жетектешкен. Өрөөндөгү ушундай демилгелүү, белсемдүү иштеген чарба жетекчилеринин катарына И.И.Рогачев, Ү. Усубалиев, С. Жаны -беков, М. Носинов, К. Айылчиев, Ж. Мойноков, М. Асангазиев, Р.И.Еникеев, С.Молдосанов, С.Р.Посмитный сыяктуу ондогон адамдарды сыймыктануу менен кошууга болот.

Ошол жылдары үзүрлүү иш – аракети, облустун, жалпы эле республиканын экономикасын көтөрүүгө кошкон чоң салымы үчүн көптөгөн эмгек алдыңкылары СССР Жогорку Советинин Президиумунун указынын негизинде орден – медалдар менен сыйланышкан.

1951-жылы Түп районундагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы колхоздун талаачылык бригадири Г.И.Мох, 1957-жылы Ак-Суу районундагы “Жаңы Жылдыз” колхозунун төрагасы О.Түлөбердиев, Тоң районундагы Ленин атындагы колхоздун баш чабаны С.Кожобекова, Ысык-Көл районундагы “Новый путь” колхозунун төрагасы М.Э.Смирнов, , Түп районундагы МТСтин комбайнчысы Ж. Дүйшеева, ушул эле райондогу “Сухой-Хребет” совхозунун комбайнчысы К.Абдулаев, Жети-Өгүз районундагы Куйбышев атындагы колхозунун апийим өстүрүүчүсү М. Жумадылова, ушул эле райондогу “Оргочор” асыл тукум кой өстүрүү чарбасынын баш чабаны И.Илипбаев, 1958-жылы Тоң районундагы Ленин атындагы колхоздун кой-товар фермасынын башчысы Ы. Базаров, ушул эле райондогу “Улахол” совхозунун баш чабаны Т.Исмаилов, 1966-жылы Түп районундагы СССРдин 50 жылдыгы

атындагы колхоздун төрагасы Н. Я. Приставкин, Жети-Өгүз районундагы “Коммунизм” колхозунун төрайымы А.Т.Юматова, Тоң районундагы “Улахол” совхозунун баш чабаны К.Мукашева, 1970-жылы Ысык-Көл районундагы “Новая жизнь” колхозунун комбайнчысы Г.А.Лихолетов, 1971-жылы Жети-Өгүз районундагы “Коммунизм” колхозунун баш чабаны К.Намазбеков, Тоң районундагы “Улахол” совхозунун баш чабаны М.Саякбаев, 1981-жылы Ак-Суу районундагы “1-Май” колхозунун саанчысы Т.А.Довгаль жана Жети-Өгүз районундагы “Оргочор” асыл тукум кой өстүрүү чарбасынын баш чабаны Ж.Тынаев “Социалисттик Эмгектин Баатыры” жогорку наамына татыктуу болушкан. Ал эми Тоң районундагы XXII партсъезд атындагы колхоздун баш чабаны Т.Акматов бул наамга 1976-жана 1986-жылдары эки жолу татыктуу болгон.



Мына ушундай асыл ойлуу, алтын колдуу мээнеткеч адамдардын, Көлдүн жалпы эмгекчилеринин талыкпаган иш – аракетинин натыйжасында 1989–жылы облуста 254 миң га. айдоо аянтынын 94 миң гектарына дан эгиндери, 7 миң гектарына картөшкө жана жашылча, 3 миң гектарына техникалык, 152 миң гектарына тоюттук өсүмдүктөр айдалып, 457 миң тонна эгин, 85 миң тонна картөшкө, 30 миң тонна жашылча өстүрүп алынган.

Койдун саны 1 млн. 881 миң башка, уй 168 миң башка, жылкы 80,5 миң башка жетип, 54,9 миң тонна эт, 199,7 миң тонна сүт, 15,5 миң

тонна жүн, 704 млн. даана жумуртка өндүрүлгөн.

Өндүрүштү айыл чарба техникалары, күйүүчү–майлоочу май, минералдык жер семирткичтер менен камсыздоо жакшырып, сугат тармактары талаптагыдай түзүлүп, мал чарба комплекстеринин, кой–товар, сүт–товар фермаларынын, дан комбинаттарынын, кайра иштетүү тармагынын иштери жогорку деңгээлде уюштурулган. Экономика көтөрүлүп, элдин жашоо турмушу оңолгон.

Жогорудагыдай эмгек маяктары жеке эле айыл чарбасы эмес, өндүрүштүн башка тармактарында да көп болгонун, 1960–жылы Пржевальскидеги тигүү фабрикасынын тигүүчүсү С.Эшеновага, 1966–жылы ушул эле шаардагы автобазанын машина айдоочусу К.Кадыровго, 1969–жылы Тоң райондук ооруканасынын башкы дарыгеринин орун басары Ү.Рысмамбетовага, 1971–жылы Балыкчыдагы курулуш–монтаждоо башкармасынын жыгач устачылык бригадасынын бригадири Н. Түмөновго да “Социалисттик Эмгектин Баатыры” жогорку наамы ыйгарылганын белгилей кетишибиз керек.

Ушул жылдары курулуш иштери да дүркүрөп өсүп, мекемелердин кеңселерин, калк үчүн көп кабаттуу турак үйлөрдү, курортторду, санаторийлерди, эс алуу үйлөрүн, мейманканаларды, кинотеатрларды, жылуулук, турмуш–тиричилик комбинаттарын, чакан гидростанцияларын, электр тармактар, жылуулук, газ ишканаларын, телефон байланышын, почта–телеграф линиясын, калкты таза суу менен жабдуу тармагын куруу кеңири кулач жайган.



Облустун билим берүү, саламаттык сактоо жана маданият тармактарында да ири ийгиликтерге жетишилген. 1947–жылдан тарта жети жылдык, 1958–жылдан тарта сегиз жылдык жалпыга милдеттүү билим берүү системасы иштеп, толук эмес орто билим берүү баскычы жетинчи класстан сегизинчи класска көтөрүлгөн. Бара–бара милдеттүү орто билим берүү эрежеси кирип, 1960–жылы сегиз жылдык билимдин негизинде шаардык жана айылдык кесиптик–техникалык окуу жайлары түзүлө баштаган. Көпчүлүк жерлерде типтүү мектептер салынып, күндүзгү жалпы билим берүүчү мектептерден тышкары кечки мектептер иштеп, жогорку билимдүү мугалим кадрлар менен толукталган. 1950–жылы 89 аталыштагы окуу жана көркөм адабий китептери чыгып, өспүрүмдөрдүн колуна тийген. Облустун борборунда, Тоң, Ысык–Көл жана Түп райондорунда кесиптик–техникалык окуу жайлары ачылган. Бул жаштардын шыбакчы, кыш кыноочу, ширетүүчү, электрик, жыгач жана темир уста,


тигүүчү, ашпозчу сыяктуу эң керектүү кесиптерге ээ болуп, жумушчулардын жана тейлөө чөйрөсүндө иштегендердин катарларын толуктоосуна чоң өбөлгө түзгөн.

1981–1985–жылдарда облус боюнча 4988 окуучу орундук мектептер, 1975 орундук мектепке чейинки балдар мекемелери, 1986–1990–жылдары 10,6 миң окуучу орундук мектептер, 2,4 миң орундук балдар бакчалары, 1991–1999–жылдары 6532 окуучу орундук мектептер курулуп, пайдаланууга берилген.

1951–жылы Кыргыз мамлекеттик университети, Ош пединституту, 1952–жылы Кыргыз кыз–келиндер институту, 1954–жылы Фрунзе политехникалык институту, Кыргыз ССРинин илимдер Академиясы, 1955–жылы Кыргыз физкультура институту уюштурулуп, республиканын турмушунда өзгөчө окуялар катары кабыл алынган эмеспи. Бул, чындыгында эле, билим берүү жана илим тармагындагы революциялык өзгөрүүлөр болгон. Антсе да, 1953–жылы Пржевальск педагогикалык институтунун ачылышы көлдүк жаштардын талаптагыдай билим алып, илимдин кенен жолуна чыгышына толук шарт түзгөн. 1940–жылы 13–июнда эки жылдык мугалимдерди даярдоо институту катары түзүлүп, ортодо пединститут болуп, 1992–жылдын 18–декабрында К.Тыныс-танов атындагы Ысык–Көл мамлекеттик университетине айландырылган бул окуу жайы Көл өрөөнүндөгү билим берүү борборлорунун көч башы болуп, санжырасы уланып келатканы менен сыймыктанабыз.

Окуу жайы уюштурулгандан бери ар кайсы жылдары С.Арбаев, Б.Молдобаев, А.Бекжа-

нов, С.Юсупов, С.Токтогонов, М.Малабаев, А.Маматюсупов, Р.Айнекенов, Ж.Саламатов, Б.Касымалиев, Э.Коңурбаев, Т.Ажымүдүнов, Ж.Жусаев, М.Кидибаев, А.Иманбаев, А.Токтосопиев, Ө.Осмонов деген илимпоздор жетектеген. Азыр К.Абдылдаев ректорлук кылат. Алардын арасында республикага төбөсү көрүнгөн, улуттук илимдин өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон белгилүү инсандар да болгон.



Мурдагы бүтүрүүчүлөрүнүн арасында академиктер Б.Орузбаева, А.Карыпкулов, Ж.Жээнбаев, саясат илимдеринин доктору, мамлекеттик жана коомдук ишмер Ж.Сааданбеков, толук ыйгарым укуктуу элчи, мамлекеттик жана коомдук ишмер Т.Ишемкулов, Социалисттк Эмгектин Баатыры, республиканын эмгек сиңирген мугалими К.Мамбеталиев, СССРдин Эл мугалими Ж.Үтүров, педагогика илимдеринин доктору, Жогорку Кеңештин үч жолку чакырылышынын депутаты Ж.Каниметов, республиканын Эл мугалими Ж.Өзүбекова, филология илимдеринин доктору, профессор А.Иманов сыяктуу дөө-шаалардын бар экенин айтсак эле университеттин аты алайга чыгып, даңазасы далайга кеткенинен

кабар берет.

1990 – жылга чейин өрөөндүн саламаттык сактоо тармагында ири өзгөрүштөр болгон. 450 орундуу облустук оорукана, 180 орундуу облустук балдар ооруканасы, 200 орундуу төрөт үйү, 1590 орундуу беш райондук оорукана, 815 орундуу 19 участкалык оорукана, 470 орундуу 4 атайын адистештирилген диспансерлер иштеп, аларда 1350дөн ашуун жогорку билимдүү дарыгерлер, 3775 атайын орто билимдүү медициналык кызматкерлер эмгектенишкен. Айыл жерлеринде 111 фельдшердик–акушердик пункттар ачылган. Мындан тышкары облустук стоматологиялык бирикме, райондордун борборлорундагы анын филиал-дары, Каракол шаарындагы облустук стоматологиялык балдар поликлиникасы көпчүлүктүн ден соолугун сактоодо белсемдүүлүк менен иш жүргүзүшкөн.

Негизи ар бир тармактын “жеңилин жерден, оорун колдон алып”, анын өсүп - өнүгүшү үчүн салмактуу салымын кошкон көрүнүктүү өкүлдөрү болору шексиз. Мындай адамдар Көл өрөөнүнүн саламаттык сактоосунда да аз эмес. Биз алардын арасынан учурунда облустук саламаттык сактоо башкармасынын начальниги болгон Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген дарыгери Ү.Молдокановду, облустук төрөт үйүн көп жылдар жетектеген чоң уюштургуч, таасын дарыгер Ж.Бугучиевди, облустук саламаттык сактоо башкармасынын начальниги болгон Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгери Д.Саалиеваны, облустук саламаттык сактоо башкармасын жетектеген, медициналык камсыздандыруу фонду башкармасынын азыркы начальниги Т. Кыргызбаевди, облустук стоматологиялык

бирикмесин кыйла жылдан бери жетектеп келаткан Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгери С.Турсунбаевди, Ак-Суу райондук ооруканасында көп жылдар башкы дарыгер болгон, облустук ооруканалар бирикмесинин азыркы директору Т.Маанаевди, ушул бирикменин директорунун дарылоо иштери боюнча орун басары Т.Темирбаеваны, бирикменин тажрыйбалуу терапевт-дарыгери Н.Ибраеваны, облустук санэпидстанцияны көп жыл жетектеген, Балыкчы шаардык санэпидстанциянын азыркы башкы дарыгери С.Иязбаевди белгилей кетмекчибиз.

Маданият кайсы мезгилде, кандай коомдо болбосун элдин, улуттун жүзүн көрсөтүп, анын рухий деңгээлин белгилеп келген да. Дүйнөдө теңдешсиз "Манас" эпосубуз, кереметтүү Ысык–Көлүбүз, анан залкар жазуучубуз Ч.Айтматов кайда болбосун кыргыздын визиттик карточкасы катары көрүнүп, элибизди алыс–жакынга таанытып келатканы бекеринен болбосо керек.

Ысык–Көл эли–түптүү калк, таланттардын мекени, көркөм казнанын уюткусу. Кылым айдыңында төбөсү көрүнгөн улуу манасчылар, күү аталарына айланган комузчулар, улуттук илимдин башатында турган академиктер, көркөм адабияттын түбүн түптөп, керегесин тургузган классик акын–жазуучулар ушул касиеттүү көл жергесинен чыкканын жогоруда учкай болсо да айтып өттүк. Алтынды дат баспайт экен. Арадан кумдай куюлуп кыйла убакыт өтүп жаткан менен аларды бүтүндөй кыргыз билет, коңшулаш калктар, дүйнө эли билет, таланттарын баалап, көрөңгөсүнө таазим этишет.



Өткөн кылымдын ошол элүүнчү жылдарынан тартып кечээги эгемендик күндөрүнө чейин облуста ушул маданият, көркөм өнөр маселелерине да олуттуу көңүл бөлүнгөн. Облустук маданият башкармасы, шаардык, райондук маданият бөлүмдөрү, республиканын Сүрөтчүлөр союзунун облустук бөлүмү ачылып, бардык шаарларда, райондордун борборлорунда маданият үйлөрү, көпчүлүк айылдарда клубдар ишке киргизилген. 1983–жылы К.Жантөшев атындагы облустук музыкалык драма театрынын пайдаланууга берилиши өрөөндүн маданий турмушундагы чоң окуя болуп калган. Ы. Туманов атындагы мамлекеттик музыкалык окуу жайы, 10 музыкалык мектеп, 6 элдик

театр, А.С.Пушкин атындагы эс алуу паркы, "Жеңиш" паркы, сүрөтчүлөрдүн көргөзмө залы, 1 304 000 китеп фондусу менен 145 китепкана, 25200 экспонат фондусу менен 3 музей иштеп, өспүрүмдөргө, жаштарга музыкалык билим берүү, көпчүлүктүн көркөм табитин арттыруу боюнча кызмат көрсөтүшкөн.

"Боз салкын", "Айдын көл" фольклордук ыр–бий ансамблдери, "Ак куу" элдик ыр–бий ансамбли республикалык кароо–сынактарда, чет өлкөлөрдө өткөн фестивалдарда өзгөчө өнөрүн көрсөтүп, облустун атын чыгарышкан. 464 тарыхый жана маданий эстеликтер каттоодон өтүп, алар улам жаңы табылгалар менен толукталып турган.

Бирок, турмуш бир калыпта турбайт эмеспи. 1985–жылы КПСС Борбордук Комитетиндеги, ага удаа Кыргызстан КП БКдагы баш жетекчилер алмашып, өлкөгө да, биздин облуска да чоң таасири бар өнүгүүнүн жаңы тилкесине кирдик. 1988–1989–жылдары СССРде, анын ичинде Кыргызстанда өзгөчө кырдаал түзүлүп, кайра куруУга жалпы эл массасы, коомдук уюмдар жигердүү катыша баштаган. Коомдук турмуштун саясатташы тездик менен жүрүп, жаштардын биринчи дискуссиялык, саясий клубдары пайда болгон. Алар өлкөдөгү маанилүү маселелерди кызуу талкуулап, өздөрүнүн пикирлерин эркин билдире башташкан.

1990–жылдын март айында өткөн СССР Эл депутаттарынын III съезди партиянын коомдогу башкаруу ордун бекемдеген 6–статьяны алып таштоо жөнүндө чечим кабыл алган болчу. Ага удаа эле, апрель айындагы

Кыргыз ССР Жогорку Советинин биринчи сессиясында да мамлекеттик бийликтин укуктарын тактоо, президенттик бийлик киргизүү жөнүндө сунуштар айтылып, жогорудагыдай эле чечим кабыл алынган. Ошентип өлкөдө, анын ичинде Кыргызстанда демократиялык коомдун негизги белгиси болгон саясий плюрализмге, ошондой эле, көп партиялуулукка жол ачылган.

Мына ушундай өзгөрүүлөрүн негизинде облустагы ишканалардын, айыл чарба өндүрүшүнүн өз алдынчалыгы кеңейтилип, алар өзүн–өзү актоонун, жетектөөнүн, финансылоонун негизинде чарбалык эсепке өтө баштаган. 1986–жылы чарба жүргүзүүнүн бул ыкмасына облуста өнөр жай продукциясынын 70 пайызын өндүргөн 13 ишкана жана бирикмелер өткөн.1987–жылдан тарта кайра куруу эл чарбасынын бардык тармагын камтыган. Кыргызстанда рынок экономикасына өтүү жөнүндө мыйзам 1991–жылы август айында кабыл алынып, анда мамлекеттик жана коммуналдык ишканаларды арендалык, мамлекеттик акционердик, ошондой эле, коммерциялык коомдорго айландыруунун жолдору аныкталган.

Башкаруунун экономикалык ыкмаларга өтүшү, жетекчилердин эмгек жамааттары тарабынан альтернативалык негизде шайлана башташы менен жергиликтүү партиялык уюмдар эл чарбасын башкаруудан чет-тетилип, байкоочулук милдетти гана аткарып калган. Ушул мезгилден тарта Кыргызстандын, анын ичинде облустун өнөр жайы оор абалга кирептер болгон.

1986–1990–жылдары республиканын экономикасынын маанилүү тармагы болгон айыл чарбасын реформалоо үчүн жер,

аренда, жерге карата менчик, ошондой эле, жерди пайдалануу жөнүндө мыйзамдар кабыл алынган. Колхоз–совхоздор менен бирге эксперименттик кооперативдер, дыйкан жана фермер чарбалары пайда болуп, өз иштерин чарбалык эсептин, өзүн–өзү каржылоонун тартибинде жүргүзүүгө өткөн. Бирок, социалисттик чарба жүргүзүүнүн шартында алар дароо эле өнүгүп кете алган жок.

Ысык–Көл облусу түзүлгөндөн баштап өлкөбүз эгемендигин алганга чейин облуска бир катар адамдар жетекчилик кылып, анын социалдык–экономикалык жактан өнүгүшү, элдин жашоо турмушунун жакшырышы үчүн болгон билимин, тажрыйбасын, уюштуруучулук жөндөмүн жумшап, жигердүүлүк менен иштешкени белгилүү. Алар мезгилдин утурумдук кыйынчылыктарын моюбай көтөрүп, көпчүлүктү туура жолго баштап, өз милдеттерин жогорку жоопкерчиликте аткарышкан.

Облустун бул даңазалуу маарекесинин алдында партиянын Ысык–Көл обкомунун мурдагы биринчи катчылары В. И. Охлупиндин, А. В. Родионовдун, У. Ж. Жыргалбаевдин, А. Ж. Жаркымбаевдин, Ш. И. Иманалиевдин, С. А. Айтбаевдин, Б. А. Аламановдун, А. Д. Дүйшеевдин, А. М. Масалиевдин, А. Ж. Жумагуловдун, А. П. Хрестенковдун, Ж. Б. Аманбаевдин, эл депутаттарынын облустук Советинин аткаруу комитетинин төрагалары Т. Д. Досалиевдин, Г. Т. Түгөлбаевдин, М. М. Мамбеталиевдин, С. А. Айтбаевдин, С. Ж. Жумагуловдун, К. А. Абдраевдин, Э. А. Алиевдин, Н. И. Пенкиндин, Р. М. Бейшенбаевдин, Н. И. Исановдун, эл депутаттарынын облустук Кеңешинин төрагалары Т. Д. Орозбаевдин жана Ж. Т. Турдубаевдин эмгектерин белгилеп, ысым-



дарын сыймык менен атайбыз. Облустун бийлигине ар кайсы жылдарда келишсе да бүгүнкү заман бийиктигине чыгып, эгемендиктин шарапаты менен өрүшүбүз өр алып баратканында ар биринин салмактуу салымдары бар экени шексиз. Анда, кеп ошол баш жетекчилер жөнүндө.

# ПАРТИЯНЫН ОБКОМУНУН БИРИНЧИ КАТЧЫЛАРЫ



## ОХЛУПИН Владимир Иванович

1910–жылы Москва шаарында туулган. Атасы 45 жыл темир жол тармагында иштеген, мээнеткеч адам болгон экен. Жаңы турмушка аралашып, келечегине умтулуп турган жигит 1928–жылы мектепти аяктап, "Дукат" фабрикасында механик болуп эмгек жолун баштайт. Стахановдук кыймылдын демилгечилеринин бири болуп, ишкананын жамаатына кеңири таанылат. Фабрикада комсомол комитетинин катчысы болуп коомдук башталышта иштейт, 1932-жылы Коммунисттик партиянын катарына кабыл алынат.

Ал совет өлкөсү жаңыдан түптөлүп, элдин турмушу калыпка түшө элек, кадрлар да жетишпей, чайналышып турган кез эле да. Аракетчил адис жетекчилердин көз кырына илинип, цехтин начальниги болот. Фабриканын парткомунун катчысы, көп өтпөй Москва шаарындагы партиянын Совет райкомунун экинчи катчысы болуп дайындалат. Ошол арада политехникалык институттун механикалык факультетин сырттан окуп бүтүрүп, эл менен кеңири аралашып, турмушка көзү каныгат.

Ишке жоопкерчилиги, уюштуруучулук жөндөмү эске алынып, ал 1938–жылы Кыргызстанга, партиянын Борбордук Комитетине жооптуу кызматка жиберилет. Облус уюштурулгандан кийин 1940–1941–жылдары партиянын Ысык–Көл обкомунун биринчи

катчысы болуп иштейт.

Албетте, андан бери көп жылдар өттү. Муундар алмашып, коомдук турмуш таанылгыстай өзгөрдү. В.И.Охлупин облустун башында турганда мындай иштеген, тигиндей иштеген деп, бирдеңкелерди ойдон чыгарып айта берсек туура эмес болот эле да. Бишкек шаарындагы саясий документтердин Борбордук мамлекеттик архивине барып, ага тиешелүү материалдарды карап чыктык. Облустук архивден гезиттердин тиркемелерин барактадык. Ошол 40-41–жылдардагы көп иштер табылды.

Облус жетекчиси, чындыгында эле, жакшы иштеген экен. Ар бир тармак боюнча жыйындарды өткөрүп, элге тез–тез чыгып, учурга жараша милдеттерди коюптур. Москвада өсүп, калыптанган менен элет турмушуна деле дурус аралашканы, чарбалык, өндүрүштүк жумуштарды туура уюштурганы көрүнүп турат. Капысынан Улуу Ата Мекендик согуш башталып, анын партиялык, жетекчилик ишмердиги үзгүлтүккө учурап, кийинки тагдыры белгисиз болуп калган.



**РОДИОНОВ**
***Алексей Васильевич***

1910–жылы Санкт–Петербургга жакын Чудово шаарында жумушчунун үй–бүлөсүндө туулган. 1927–жылы "Красный форфорист" заводунун алдындагы мектепти бүтүрүп, ошол эле заводдо жумушчу болуп иштей баштаган. 1930–жылы Москвадан курсту бүтүрүп келип, адегенде заводдо нормалоочу, андан соң комсомол комитетинин катчысы болгон.

1932–жылы партиянын Чудово шааркому

аны ВКП(б)нын мүчөлүгүнө кабыл алып, цемзаводдун заводдук комитетинин төрагасы кылып жиберет. Эки жыл аскердик милдетин өтөйт, Ленинград шаарындагы "Ленавтогужтранс" трестинде административдик – чарбалык бөлүмдү жетектейт, химкомбинаттын, андан кийин "Красный рабочий" заводунун парткомунун катчысы болуп иштейт.

Кыргызстанга кандайча келгени туурасында так маалыматтар жок. 1941 – 1943 – жылдары партиянын Ысык – Көл обкомунун биринчи катчысы болуп, согуш күчөп турган ошол оор мезгилде элдин жеңишке болгон ишенимин бекемдөөгө, тыштан эвакуацияланып келгендерди жайгаштырып, иш менен камсыздоого, өрөөндүн чарбалык жумуштарын талапка ылайык уюштурууга көп күч – аракетин жумшаган."Ысык – Көл правдасы" гезитинин ал жылдардагы сандарында биринчи катчынын ар кандай иш – чараларда сүйлөгөн сөздөрү, өкмөт менен партия алдыга койгон милдеттерди аткаруу үчүн көргөн чаралары, статистикалык маалыматтардагы жылыштар кеңири берилген.

Шарттын катаалдыгынан улам, ал облус жетекчиси болуп эки жылга чукул гана иштеп, фронтко кетет.



## ЖЫРГАЛБАЕВ
## Узак Жыргалбаевич

Партиянын Ысык–Көл обкомунун биринчи катчысы болуп уруш соңуна чукулдап, улуу жеңиш келген 1944–1945–жылдары иштеген.

Ал 1912–жылы Жети–Өгүз районунун Шалба айылында туулган. Атасынан эрте

жетим калып, энеси экөө атасынын бир тууганынын колунда оокат өткөрүшкөн. Айылдык мектептин 7–классын, андан кийин Ташкент шаарындагы САКУнун рабфагын, Москвадан ВЛКСМ Борбордук Комитетинин алдындагы жогорку комсомолдук мектебин, Кыргыз мамлекеттик пединститутун бүтүргөн. 1932–жылдан тарта эмгекти коргоо боюнча инспектор, "Мундуз" колхозунун төрагасы, Нарын жылкы заводунун жумушчулар комитетинин төрагасынын орун басары, парткомунун катчысы сыяктуу бир катар жооптуу кызматтарды аркалаган. Өз учуруна жараша кыргыз жаштарынын ичинен чыккан билимдүү, келечектүү кадрлардын бири болгон.

Анын уюштуруучулук жөндөмү, жаңыга умтулган демилгелүү иш – аракеттери эске алынып, 1938–жылы комсомолдун Тянь–Шань обкомунун биринчи катчылыгына шайланган. 1939–жылы партиянын Ак– Талаа райкомунун биринчи катчысы, 1943–жылы партиянын Ысык-Көл обкомунун экинчи, андан соң биринчи катчысы болгон. 1946–жылы ВКП(б) БКнын алдындагы жогорку партиялык мектепти бүтүрүп келип, бир нече жыл Талас облустук аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеген.

У. Ж. Жыргалбаев Көл өрөөнүн жетектеп турган кезде жөнөкөйлүгү, чарбакерлиги менен айырмаланган, өндүрүштүк тапшырмалардын аткарылышын тыкыр караган. Көпчүлүктүн көйгөйүн туура түшүнүп, улуу–кичүүгө, өзгөчө эр бүлөнүн түйшүгүн көтөрүп келаткан кары–картаңдарга, беликата элек өспүрүмдөргө түшүнүү менен, камкор мамиле кылган.

Ал партиянын катарына 1932–жылы кабыл алынган, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болгон.



## ЖАРКЫМБАЕВ
## Абдыш Жаркымбаевич

1913–жылы Пржевальск районундагы Кереге–Таш айылында туулган.

Кичинесинен томолой жетим калып, эптеп жан багыш үчүн колунда бар адамдардын малын багып, жерин иштетип дегендей, жалданып иштөөгө аргасыз болгон. Ар кимдин ирегесинде жүрүп, көрбөгөн азабы калган эмес. Октябрдын таңы менен гана элге аралашып, айыл мектебинен башталгыч билим алган.

1933 – жылдан тарта райондогу Сары – Камыш айылында дүкөнчү, Ленин атындагы колхозунда бухгалтер, Пржевальск райаткомунда инструктор болуп иштеп, Бишкек шаарынан финансы тармагындагы жетекчи кызматкерлерди даярдоочу алты айлык курсту бүтүргөн. 1940– жылдан тарта түштүктөгү партиянын Совет райкомунда, Ош обкомунда кадрлар бөлүмүнүн башчысы, обкомдун мал чарбасы боюнча катчысы, андан соң экинчи катчысы болгон.1945 – жылы, жергебизге жеңиш келген маалда партиянын Ысык – Көл обкомунун биринчи катчылыгына дайындалып, 1947 – жылга чейин иштеген.

Улуу жеңишке аралаш ошол чоң апааттан аман калган, жаракат алган жоокерлер эл – жерине кайта баштаган. Чарбачылык иштер жанданып, согуштун кесепетинен кыскарып кеткен айдоо аянттарын, малдын башын толуктоо, кол күчүнөн акырындап болсо да техниканын кызматына өтө баштоо, социалдык тармактарды көтөрүү

милдети турган. Бул облустук жетекчиликтен көп күч – аракетти талап кылган.

А. Ж. Жаркымбаев ушундай түмөн түйшүктүү мезгилде өзүнүн оор турмуштун айынан эртелеп эмгекке бышкандыгын, чыдамкайлыгын, уюштуруучулук жөндөмүн көрсөткөн. 1947 – жылы ВКП(б) БКнын алдындагы жогорку партиялык мектепке жиберилип, бүтүп келгенден кийин партиянын Талас обкомунун биринчи катчысы болуп дайындалган. Андан соң бир катар жылдар СССР Даярдоо министрлигинин Кыргызстан боюнча өкүлү, Фрунзе шаардык аткаруу комитетинин төрагасы, Кыргыз ССР Министрлер Советинин жана Кыргызстан КП Борбордук Комитетин инспектору болуп иштеген. 1961 – жылдан тарта Фрунзедеги бут кийим фабрикасынын, андан кийин Крупская атындагы винсовхозунун директору болуп туруп, ардактуу эс алууга чыккан.

Ал 1939 – жылдан ВКП(б)нын мүчөсү болгон. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган.

## ИМАНАЛИЕВ
## Шадыкан Иманалиевич

1907–жылы Чүй облусунун Жайыл районундагы Сары–Булак айылында туулган. Кичинесинен эле томолой жетим калып, Бишкек шаарындагы балдар үйүндө тарбияланган.

1927–жылы Россиянын Калинин шаарындагы фабрика–завод окуу жайын, 1931–жылы ВКП(б)БКнын алдындагы комсомолдук, партиялык кызматкерлерди даярдоо курсун бүтүрүп, Ош, Жалал–Абад облустарында, Ташкент шаарында комсомолдук, партиялык

кызматтарда иштеген.

1931–жылдан тарта жогорку кызматка көтөрүлүп, партиянын Лейлек, Ысык–Көл, Чоң –Алай жана Үч–Коргон райкомдорунун биринчи катчысы, Кыргызстан КП БКнын советтик соода бөлүмүнүн башчысы, Ош облустук аткаруу комитетинин төрагасы болгон. 1945–жылдан партиянын Тянь–Шань обкомунун, 1947–1952–жылдары партиянын Ысык–Көл обкомунун биринчи катчысы болуп иштеген.

1952–жылдан тарта Кыргызстан КП БКнын айыл чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары, Фрунзе облустук аткаруу комитетинин төрагасы, республиканын Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн директору кызматтарын аркалаган. 1961–1965 –жылдары Даярдоо министрлигинин тармактарында жетекчи кызматтарда иштеп, эс алууга чыккан.

Ш. И. Иманалиев 1929–жылдан ВКП(б)нын мүчөсү болгон. Көп жылдык үзүрлүү эмгеги татыктуу бааланып, эки Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар менен сыйланган

1990–жылы Бишкек шаарында дүйнөдөн кайткан. **(Сүрөтү архивден табылган жок.)**



## АЙТБАЕВ
### Сыдыгалы Айтбаевич

1909–жылы Кочкор районунун Кара–Суу айылында туулган. 1930–жылы Бишкектеги айыл чарба техникумун бүтүрүп, Ат–Башы, Кочкор райондорунда агроном болуп эмгек жолун баштаган.1933–жылдан тарта Кочкор райондук тоют жыйноочу машина станциясынын жер боюнча бөлүм башчысы, директору, Кочкор райондук, андан соң Чаткал

райондук  аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп иштеген.

1940 – жылы Кыргыз ССР Эл комиссарлар Советинин алдындагы радио комитетинин жооптуу редакторлугуна дайындалып, андан кийин Ак–Талаа районундагы МТСтин директору, партиянын Тянь–Шань обкомунун айыл чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары, бөлүм башчысы, партиянын Чолпон райкомунун биринчи катчысы, партиянын Тянь-Шань обкомунун экинчи катчысы болгон.

Архивдик документтерди караганда, С. А. Айтбаевдин кызматтык тепкичтери андан кийин да шыр кеткенин көрүүгө болот. Ал 1950 – жылы Ысык–Көл облустук аткаруу комитетинин төрагалыгына шайланып, 1952 – 1955 - жылдары партиянын Ысык – Көл обкомунун биринчи катчысы болуп иштейт. Облустун социалдык – экономикалык жактан өнүгүшүнө чоң салымын кошуп, көпчүлүктүн урмат – сыйына жетишет.

1956 – жылдан тарта Тянь – Шань облустук аткаруу комитетинин төрагалыгына которулуп, бир топ жыл Кочкор районунда чарбалык жетекчи кызматтарды  аркалайт.

С. А. Айтбаев 1940 – жылдан ВКП(б)нын мүчөсү болгон. СССР Жогорку Советинин жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган.Эмгеги жогору бааланып, Ленин, Эмгек Кызыл Туу, эки “Ардак белгиси” ордендери, медалдар менен сыйланган.

1986–жылы дүйнөдөн кайткан.

## АЛАМАНОВ
### Баян Аламанович

1915–жылы Чүй облусунун Кант районундагы Бирлик айылында туулган.

1932–жылы Кыргыз мамлекеттик педтех-



никумун, 1951–жылы ВКП(б) БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн.

1978–жылы экономика илимдери боюнча докторлугун коргогон. Айыл чарба өндүрүшүнүн экономикасы боюнча ири адис болгон. Борбордук басмалардан "Көл өрөөнүнүн кой чарбасынын экономикасы", "Колхоздордогу кепилденген эмгекке акы төлөөнү уюштуруунун негиздери", "Совхоздордогу толук чарбалык эсептин эффективдүүлүгү" жана "Кыргыз ССРинин колхоздорундагы негизги фондуларды түзүү" сыяктуу 14 монографиясы, 80ден ашуун илимий макалалары жарык көргөн.

Б. А. Аламанов 1951– 1955 – жылдары партиянын Жалал–Абад обкомунун, андан соң 1955–1959 – жылдары партиянын Ысык– Көл обкомунун биринчи катчысы, 1959 – жылдан тарта Кыргызстан профсоюздар Федерациясынын төрагасы, Фрунзе шаардык аткаруу комитетинин төрагасы, Кыргыз мал чарбачылыгы жана ветеринария илим изилдөө институтунун директору, 1965 – 1985 – жылдары илимдер Академиясынын экономика институтунун сектор башчысы болуп иштеген.

Ал СССР Жогорку Советинин бир, Кыргыз ССР Жогорку Советинин эки жолку чакырылышынын депутаты болгон. Жетекчилик кызматтардагы көп жылдык үзүрлүү эмгеги жогору бааланып, Ленин, эки Эмгек Кызыл Туу ордендери менен сыйланган.

1985 – жылы дүйнөдөн кайткан.



## ДҮЙШЕЕВ
### Арстанбек Дүйшеевич

1932–жылы Чүй облусунун Кемин районундагы Кичи–Кемин айылында туулган. 1954–жылы К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн. Айыл чаба илимдеринин кандидаты (1970).

1954–жылы Тоң районундагы "Тоң" совхозунда башкы ветеринардык врач болуп эмгек жолун баштаган. 1957 – жылдан тарта Жумгал районундагы "Жумгал" совхозунун директору болгон.1960 – жылы партиялык ишке өтүп, партиянын Жумгал райкомунун катчысы, Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин бөлүмүнүн жооптуу уюштуруучусу, партиянын Өзгөн райкомунун биринчи катчысы, Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин катчысы болуп иштеген.

1971 – жылдан тарта тогуз жыл партиянын Ысык – Көл обкомунун биринчи катчысы болуп, облустун экономикалык жактан өнүгүшүнө, элдин турмуш абалынын жакшырышына өлчөмсүз салымын кошкон. Анын учурунда өнөр жайында болсун, талаачылыкта, же мал чарбасында болсун ири ийгиликтерге жетишилип, облус республика боюнча алдыңкы орундан түшкөн эмес. Дээрлик бардык райондордо мал бордоп семиртүүчү мамлекеттик чарбалар (ГКО "Живпром") уюштурулуп, бул облуска чоң киреше берүүчү негизги тармактардын бирине айланган.

А.Д.Дүйшеевдин билиминин тереңдиги, ири чарбакерлиги, уюштуруучулук таланты,

күндү күн, түндү түн дебеген иштемчилдиги тууралу көлдүктөр бүгүнкө чейин айтышат. "Эртең менен Сары – Жазга кетчү эле,- деп калышат аны жакындан билгендер.- Түштөн кийин карасаң эле Жети – Өгүздө, же Тоңдо эгин талааларын көрүп жүргөн болот. Машинасына дайыма резина өтүк салып алчу. Кечинде жыйын өткөрүп, иштин оош – кыйыштарын тактап, тапшырмасын берет. Айтор, кайсы маалда эс аларын, мынча ишке кантип жетишерин билбейсиң".

Ал 1979 – жылдан Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы, бир эле учурда СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасынын орун басары болуп иштеген. 1981 – 1986 – жылдары республиканын Министрлер Советинин төрагасы болгон.1986 – жылдан тарта 2003 – жылы кайтыш болгонго чейин Кыргыз ветеринария илим изилдөө институтун жетектеген.

А.Д.Дүйшеев 1957 – жылдан КПССтин мүчөсү, 1981 – жылдан КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат болгон. СССР Жогорку Советинин үч чакырылышынын, Кыргыз ССР Жогорку Советинин бир нече чакырылыштарынын депутаты болуп шайланган. Талыкпаган үзүрлүү эмгеги үчүн Октябрь Революциясы, үч Эмгек Кызыл Туу ордендери менен сыйланган.

Кыргыз Эл акыны, академик Аалы Токомбаев: "Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин" деп айткан эмеспи. Ушундай учурда адам эмгеги, талант-дарамети аны кандай жогорку деңгээлге көтөрүп, урмат-сыйга бөлөп, ага түбөлүк өлбөстүктүн улуу касиетин берип коерун дагы бир жолу билет экенсиң.

### МАСАЛИЕВ
### Абсамат Масалиевич



1933-жылы Ош облусунун Кадамжай районундагы Алыш айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы 1941-жылы катуу оорудан кайтыш болуп, жерден боорун жаңы эле көтөргөн үч бир тууган энесинин багуусунда калган. Абсамат ага борбуюката элек ошол кичине кезинен тарта турмуштун кыйынчылыктарын жон териси менен сезген. Үй-бүлөгө жардам берүү үчүн айылдын чарбалык жумуштарына аралашып, согуш кезеңинин бардык азап-тозогун башынан кечирген. Өзү кийин "Советтик доордон үзүндүлөр" деген китебинде жазгандай, учурдун шартына жараша балалыгы менен эрте коштошуп, эрте жетилүүгө туура келген.

Кызыл-Кыядагы тоо техникуму учурунда биздин республикада гана эмес, бүткүл Орто Азиядагы тоо-кен иштерине зарыл болгон адистерди даярдоочу жападан - жалгыз окуу жайы болгон. Абсамат Масалиевич 1953-жылы ушул техникумду, андан соң Москвадагы тоо-кен институтун артыкчылык дипломy менен бүтүрүп чыккан. Республикада бул тармак боюнча жогорку билимдүү адистер дээрлик жок кезде мунун өзү чоң эрдикке тете иш эле.

Ал түштүк жергесине кайтып келээри менен "Комсомольская" шахтасында тоо мастери, участканын начальниги, "Кыргызкөмүр" трестинин башкы инженеринин жардамчысы кызматтарын беш жыл аркала-

ган. Жумушчу табынын алдыңкыларынан болгон шахтерлордун жашоо-турмушун, татаал шарттарда иштөө ыкмаларын үйрөнгөн.

Өз ишине жоопкерчилик менен караган, аракетчил жигит жетекчилердин, коомчулуктун көз жаздымында калган эмес. 1961-жылы партиянын Ош обкомунун өнөр жай жана транспорт бөлүмүнүн инструктору болуп бекитилген.

Абсамат Масалиевич андан соң бир катар жылдар Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин партиялык-мамлекеттик көзөмөл комитетинин инспектору, Ош облустук элдик көзөмөл комитетинин төрагасынын орун басары болгон. Алматыдагы Жогорку партиялык мектепти бүтүп келгенден кийин партиянын Ош обкомунун өнөр жай–транспорт бөлүмүнүн башчылыгын аркалаган. Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин өнөр жай жана транспорт бөлүмүнүн башчысынын орун басары, партиянын Таш-Көмүр шааркомунун биринчи катчысы, Борбордук Комитеттин өнөр жай жана транспорт бөлүмүнүн башчысы, Фрунзе шаардык аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеген. 1979-жылы Борбордук Комитеттин катчысы болуп туруп, партиянын Ысык-Көл обкомунун биринчи катчылыгына дайындалган.

Албетте, бир караганда анын кызмат тепкичтери эч тоскоолу жок эле шыдыр кеткендей көрүнүшү да мүмкүн. Бирок, алардын артында канчалаган мээнет, күн тынымды, түн уйкуну алган иш-аракеттери калганы айтпаса да түшүнүктүү.

Ал ошол жылдары, өзгөчө партиянын

Ысык-Көл обкомун жетектеп турганда элдин кеңири таанымына ээ болгон. Чарбакерликтин, саясаттын ошол кездеги бийиктигине көтөрүлгөн. Жөнөкөйлүгү, эмгекчилдиги, принциптүүлүгү, адамдык өтө зирек табияты менен улуу-кичүүнүн, жалпы эле калайык - калктын урмат-сыйына жетишкен.

Экономикалык ийгиликтер көбүнесе биринчи жетекчинин иш билгилигине, ак ниеттүү жана калыс аракетине жараша боло тургандыгы белгилүү. Абсамат Масалиевич мына ушул Ысык-Көлдө иштеген учурунда чыныгы сыноодон өттү десек болот.

Облустун өнөр жайында көмүр казып алуу, цемент, кыш иштеп чыгаруу, электротехникалык, темир бетон буюмдарын, жыгачтан курулуш эмеректерин жасоо, эл кеңири керектөөчү товарларды чыгаруу колго алынган.

Облустун экономикалык тармагынын 70 пайызын түзгөн айыл чарбасында проблемалар аз эмес эле. Анын негизги себеби-айдоо аянттары, өзгөчө сугат жерлер жана малдын жайыттары чектелүү болчу. Ошондуктан айыл чарба продукциясынын өсүшү негизинен түшүмдүүлүктү көтөрүү, мал чарбасынын азык -түлүктүүлүгүн арттыруу менен камсыз кылынмак. Буларды ишке ашырууда резервдерди табуу керек эле.

Абсамат Масалиевич мындагы тармактардын технологиялык процесстерин, айрыкча мал чарбасын өнүктүрүү жолдорун керектүү деңгээлде өздөштүрүүнү алдына максат кылды. Өзү иштеген жылдардын көрсөткүчтөрүн мурдагы жылдар менен салыштырып, зарыл бүтүмдөрдү чыгарып

туруу анын күндөлүк эрежесине айланды.

Малчыларга талаптагыдай шарт түзүлдү. Малга чыктуу жана кесек тоют даярдоо, анын аш болумдуулугун жогорулатып, сапатын жакшыртуу, жылкы, чочко фермаларын жандандыруу, малды бордоп семиртүү колго алынды. Сүт-товар фермаларынын иштери туура уюштурулуп, бул тармактагы, кой чарбасындагы алдыңкы тажрыйбалар кеңири жайылтылды.

Облустун тарыхында биринчи жолу ар жүз тубар койдон 102-103төн төл алынып, уйлардын саандуулугу кескин жогорулады. Облус эт, сүт, жүн, жумуртка өндүрүүнүн жана мамлекетке сатуунун пландарын ашыгы менен орундатты. Бул үчүн Бүткүл союздук мелдеште алдыга чыгып, КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ Борбордук Комитетинин өтмө кызыл тууларын жана Ардак грамоталарын бир нече жолу алууга татыктуу болду.

Талаачылык жумуштарында да ири ийгиликтерге жетишилди. Кылкандуу дан эгиндеринин түшүмдүүлүгүн арттыруу, жерди сапаттуу айдоо, кыртыштын асылдуулугун жакшыртуу, сугат сууларын эффективдүү пайдалануу боюнча практикалык зарыл чаралар көрүлдү. Бул иштерди уюштурууда партиялык, профсоюздук жана комсомолдук уюмдардын таасири жогорулады.

Облуста дан эгиндеринин ар гектарынан 38-42 центнерден түшүм алынып, республика боюнча алдыңкы көрсөткүчкө жетишилди. Мамлекетке жылына 95 миң тоннага чейин дан сатыла баштады. Картөшкө, жашылча жана мөмө-жемиштерин өндүрүүнүн план-

дары да ашыгы менен аткарылды.

Кийин жогоруда аталган китебинде жазгандай, бул жылдары Көл өрөөнүндө өз иштерине жоопкерчилик менен караган бир катар такшалган жетекчилер, адистер, өндүрүштүн чыныгы устаттары, Социалисттик Эмгектин Баатырлары өсүп чыгышты.

Абсамат Масалиевич 1985-жылы КПСС БКнын инспекторлугуна которулуп, ошол эле жылы Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин биринчи катчысы болуп дайындалды.

Элдин турмуш абалы акыркы 15 жылда бир орундан жылбай калган болчу. Көрүлгөн катуу чаралардан улам эт-сүт азыктары, каймак майы, жумуртка, жашылча, картөшкө, бардык сорттогу ун, ар түрдүү нан азыктары жана кондитердик тамак-аштар кеңири боло баштады. Элдин өзүмдүк менчигиндеги малды көбүрөөк кармоого уруксат берилди. Мындай жылыштар өлкөнүн бардык тармагында болуп жатты.

Бирок, 1991-жылы эгемендиктин келиши коомдук турмушубузга чоң таасирин тийгизди. Президенттик шайлоодо таза эмес адамдар документтерди бурмалоого, "көз боёмочулукка" жол беришти. Оппозициялык күчтөр Абсамат Масалиевичти бийликтен кетирүү аракетин кылышты. Ушунун кесепетинен ал үч -төрт эле добуш менен Президенттикке өтпөй калды. Жогорку Кеңештин төрагалыгын, Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин биринчи катчылыгын да башкаларга өткөрүп берип, КПСС Борбордук Комитетине кызматка которулду.

Кийин республиканын Тоотехкөзөмөл кызматынын директору болуп иштеди. 2004-

жылы дүйнөдөн кайтканга чейин Жогорку Кеңештин депутаты, Кыргызстан Коммунисттеринин партиясынын Борбордук аткаруу комитетинин төрагасы катары эли-журтуна кызмат кылып өттү.

Ал 1986-жылдан тарта Союз тараганга чейин КПСС БКнын, СССР Жогорку Советинин мүчөсү, 1991-жылы КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү болгон. СССР Жогорку Советинин 10-11-чакырылыштарынын, Кыргыз ССР Жогорку Советинин беш чакырылышынын депутаты болуп шайланган. Октябрь Революциясы, эки жолу Эмгек Кызыл Туу, III даражадагы "Манас" ордендерине, бир катар медалдарга татыктуу болгон. 2005-жылы көзү өткөндөн кийин "Ак Шумкар" өзгөчө белгиси ыйгарылуу менен, "Кыргыз Республикасынын Баатыры" ардак наамы берилген.

Бүгүнкү күндө Каракол, Таш-Көмүр, Кызыл-Кыя шаарларындагы, Ивановка баселкесинде-ги бирден көчө, Ош шаарындагы проспект Абсамат Масалиевичтин ысымын алып жүрөт. Бишкек шаарындагы ал жашаган үйгө барельефи менен мемориалдык такта орнотулган. Бишкек шаарындагы республиканын көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлеринин аллеясына, Ош шаарына, Баткен шаарынын борбордук аянтына эстелиги коюлган

## ЖУМАГУЛОВ
## Апас Жумагулович



1934–жылы Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Арашан айылында туулган. Москвадагы И. М. Губкин атындагы мунай – химия жана газ өнөр жай институтун, КПСС БКнын алдындагы Коомдук илимдер академиясын бүтүргөн. Геология–минерология илимдеринин доктору, Кыргызстан инженердик академиясынын академиги.

Ал жогорку билим алгандан кийин эмгек жолун СССР илимдер академиясынын Түштүк геологиялык экспедициясында лаборант болуп баштаган.1958 – 1973 – жылдары Ош облусундагы "Кыргыз мунай" башкармасынын башкы геологу, башкы инженери болгон. 1973 – жылы партиялык ишке өтүп, Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин өнөр жай жана транспорт бөлүмүнүн башчысы, Борбордук Комитеттин катчысы, 1985 – 1986 – жылдары партиянын Ысык – Көл обкомунун биринчи катчысы болуп иштеген.

Апас Жумагуловичтин тушунда Көлдүн өнөр жайында, айыл чарбасында кыйла жылыштар болгон. Жолдор оңдолуп, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө боюнча көп иштер жасалган. Турак жайларды салууга, социалдык маанидеги зарыл курулуштарды, мал чарбасы үчүн короо-сарайларды, эс алуу имараттарын, алардын тазалоо жабдууларын бүткөрүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Бул үчүн керектүү курулуш уюмдарынын базасын чыңдап, кубаттуулугун арттыруу ишке

ашырылган.

Ал 1986 – жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Советинин төрагасы болуп дайындалып, 1991 – жылдан Чүй облустук Кеңешинин төрагасы, Чүй облустук мамлекеттик администрация башчысы болгон.1993 – жылы Премьер – министрлик орунга келип, 1999 – жылдан тарта Кыргызстандын Германиядагы, андан соң Россиядагы ыйгарым укуктуу элчиси кызматтарын аткарган.

2006 – жылы мага Россиянын эл аралык “Добрый ангел мира” сыйлыгы ыйгарылып, аны тапшыруу үчүн Москвага чакырып калышты. Якиманка көчөсүндөгү “Президент отелде" чоң салтанат болду. Сыйлык мамлекет жана өкмөт башчыларына, элчилерге, ири өндүрүшчүлөргө, меценаттарга, адабият жана маданият ишмерлерине беш номинация боюнча берилет экен. СССРдин Эл артисти Олег Табаков менен чогуу болуп, акын катары Орто Азия жана Казакстан республикаларынан жалгыз илинип калганыма сыймыктанып отурдум.

Эртеси элчиликте Апас Жумагулович кабыл алды. Алыстан келген соң, жолуга кетейин деп жазылып койгон элем. Жарым сааттан ашыгыраак сүйлөштүк. Ысык – Көл облусунун абалын, Көлдөгү жаңылыктарды, өзү иштеген учурдагы адамдарды сурап отурду. Атайы убактысын бөлүп кабыл алганына, жөнөкөй мамилесине ыраазы болдум.

Ал СССР Жогорку Советинин депутаты, Кыргыз ССР Жогорку Советинин бир нече жолку чакырылыштарынын депутаты болгон. Эл үчүн сиңирген эмгеги жогору бааланып,

"Манас", Эмгек Кызыл Туу, "Ардак белгиси" ордендери жана медалдар менен сыйланган. Республиканын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган. Аламүдүн районундагы Көк–Жар орто мектебине ысымы берилген.



## ХРЕСТЕНКОВ Анатолий Павлович

1935–жылы Россиянын Саратов облусундагы Лысогорский районунун Чаадаевка айылында дыйкандын үй – бүлөсүндө туулган. Атасы Улуу Ата Мекендик согушта дайынсыз жок болуп,1949–жылы турмуш шартка байланыштуу энеси менен Жамбыл облусунун Георгиевка айылына көчүп келишкен.

1956 – жылы Бишкектеги айыл чарба техникумун, 1961 – жылы К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтун бүтүрүп, эмгек жолун Кыргыз пахтачылык боюнча илим – изилдөө институтунда ага илимий кызматкер болуп баштаган. Кийинки жылдары ушул эле институтта бөлүм башчы, директордун илимий иштер боюнча орун басары, башкы агроном болуп иштеген.1962–жылы КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган. 1972–жылы аспирантураны сырттан окуп бүтүрүп, айыл чарба илимдеринин кандидаты болгон.

А.П.Хрестенков 1973–жылы совхоздордун Түштүк трестинин директору болуп дайындалып, бир нече жыл Фрунзе райондук аткаруу комитетинин төрагасы, партиянын Кара–Суу райкомунун биринчи катчысы,

партиянын Ысык – Көл обкомунун экинчи катчысы болуп иштеген. 1986 – жылы обкомдун биринчи катчылыгына көтөрүлүп, бул милдетти 1988 – жылдын этегине чейин аткарган.

Ал обкомдун биринчиси кезинде мен облустук "Ысык – Көл правдасы" гезитинин башкы редакторунун орун басары, башкы редактору болуп иштеп, адамдык жана жетекчилик сапаттарын жакшы билип калдым. Көп сүйлөбөгөн, салмактуу, ар бир ишти кылдат карап, шашпай таразалап чечкен адам болчу. Чарбачылык иштердин чоң билерманы эле. Ага карабастан эч кимге көтөрүлбөй, тиешелүү тапшырмаларын берип коюп, тыкыр көзөмөлгө алган жактарын көп байкадым. Киргенде оюңду угуп, кандайдыр маселелер болсо колдоо көрсөтүп, кеп – кеңешин берчү. Гезитибиздин 50 жылдык маарекесин да чогуу өткөргөнбүз.

Жайдары тартып созулуп,
Жүргөнү дайым тынч эле.
Жылдырып аста сүйлөсө,
Сөзүнүн көбү мурч эле.

Дембе – дем улам күйгүзүп,
Чылымдан күчү чыкчу эле.
Майнаптуу милдет дебесе,
Адамдык жагы мыкты эле.

Дөөгө окшош дөөлөт жан эле,
Бар – жогун билбейм айыбы.
Партия доору кеткенде,
Билинбей калды дайыны...



## АМАНБАЕВ
## Жумгалбек Бексултанович

Жети–Өгүз районунун Кабак айылынан. 1946–жылы Нарын облусунун Жумгал районундагы Чаек айылында туулган. 1966 –жылы К. И. Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтун аяктап, 1985–жылы КПСС БК-нын алдындагы Коомдук илимдер академиясын сырттан окуп бүтүргөн. Биология илимдеринин кандидаты.

Ал 1971 – жылы Ош облустук мамлекеттик асыл тукумдаштыруу станциясынын директору болуп дайындалып, кийинки жылдары партиянын Алай райкомунун биринчи катчысы, партиянын Ош обкомунун айыл чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары, бөлүм башчысы, Ош обкомунун, андан соң Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин айыл чарбасы боюнча катчысы болуп иштеген.

1988 – жылы партиянын Ысык – Көл обкомунун биринчи катчылыгына дайындалып, Ысык – Көл, Нарын облустарын бириктирүү, алдыңкы иш тажрыйбаларды, илимдин жетишкендиктерин айыл чаба өндүрүшүнө кеңири киргизүү, тоолуу аймактын экономикасын көтөрүп, элдин турмуш абалын жакшыртуу боюнча көп иштерди жасаган. Сөздү ташка тамга баскандай таамай айткандыгы, өлчөмсүз иштермандыгы, облустун кызыкчылыгы деп хандан – бектен кайра тартпаган көкжалдыгы аны элдин бийик урмат – сыйына жеткирип, легендага айландырган.

Антсе да, анын кийинки ишмердик жолу сыдыргыга салгандай кетти дешке болбойт. 1990 – жылдын 25 – октябрында Жогорку Кеңештин сессиясында Президент-тикке талапкерлигин коюп, өтө албады. Экинчи турга талапкерлигин койгон жок. 1991 – жылы Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин биринчи катчылыгына шайланып, кыргыздардын ичинен экинчи ирет КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү болгонго жетишти. 1992 – жылдан республикалык "Агробизнес" борборунун башкы директорунун кеңешчиси, Кыргыз Республика-сынын вице – премьер – министри болуп иштеди. "Агробизнес" борборунун башкы директору болуп туруп, 2005 – жылы Жогорку Кеңешке шайлоо алдындагы өнөктүк маалында күтүлбөгөн жерден дүйнөдөн кайтты.

Мен Жумгалбек Бексултанович менен Ысык – Көлдө аз убакыт болсо да чогуу иштеп, жакындан билип калгандыктан, кийин **"Толкундар жээкке келишет"** аттуу поэтикалык жана публицистикалык китебимде **(Бишкек, "Турар" басмасы, 2013–жыл, 87, 88, 89–б.)** эскерүү пикиримди жазган болчумун. Анда төмөнкүдөй ыр саптары да бар.

Катчы болуп рай., обл., БКда,
Оомат жактан өйдөлөгөн тезинде.
Далайлардын чагып турган мазгисин,
Көлдүктөрдүн кыйыны эле кезинде.

Учурунда жетип "спорт чеберге",
Көптөрүнүн тийгизиптир далысын.
Өкүм эле, күйүп турган өрт эле,
Эч кимге жөн алдырбаган намысын.

Жигит болчу сака бою сары алтын,
Кайда жүрсө көзгө урунган катардан.
Кайраты күч, кармаса кан тамызып,
Кыргыздын бир “Наполеону” аталган.

Ал 1972–жылдан КПССтин, 1991–жылдан КПСС БКнын, КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү, ошондой эле, СССРдин Эл депутаты, Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрт жолку чакырылышынын депутаты болгон. “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти” ардак наамы берилип, көп жылдык үзүрлүү иши үчүн Эмгек Кызыл Туу, “Ардак белгиси” ордендери менен сыйланган.



## *ОРОЗБАЕВ*
## *Темпи Дуйшеевич*

1933–жылы Ак–Суу районунун Жолголот айылында кызматкердин үй–бүлөсүндө туулган. Пржевальск шаарындагы С.М.Киров атындагы орто мектебин аяктап, К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтун окуштуу агроном адистиги боюнча бүтүргөн. Айыл чарба илимдеринин кандидаты.

1955–жылы Пржевальск районундагы Теплоключенка МТСинде участкалык агроном болуп эмгек жолун баштаган. Көп өтпөй Түп районундагы №5 механизация окуу жайына окутуучу болуп которулуп, бир аз жыл дарылык жана аптекалык өсүмдүктөрдүн Бүткүл союздук институтунун Пржевальск зоналык тажрыйба станциясында (ЗОС ВИЛАР) ага илимий кызматкер болот.1960 –жылы Кыргыз ССР илимдер Академиясынын аспирантурасын аяктагандан кийин илимдер

Академиясында илимий кызматкер, Чүй тажрыйба – селекциялык станциясынын директорунун илимий иштер боюнча орун басары, Ысык – Көл тажрыйба – селекциялык станциясынын директору болуп иштейт.

1963 – 1973 – жылдары Сокулук районундагы кант кызылчасы боюнча Кыргыз тажрыйба – селекциялык станциясынын жетектеп, андан соң бир катар жылдар Ак–Суу райондук аткаруу комитетинин төрагасы, республиканын Айыл чарба министрлигинин совхоздор боюнча Башкы башкармасынын начальниги, айыл чарба министринин орун басары, республикалык өндүрүштүк–илимий "Киргизсельхозхимия" бирикмесинин төрагасы кызматтарын аркалайт.

1991 – жылы эгемендик келип, партия ментинен тайган кезинде Ысык–Көл облустук Кеңешинин төрагасы катары региондун эки тизгин, бир чылбырын колуна алат. Өзүнүн накта чарбакерлигин, уюштуруучулук жөндөмүн көргөзүп, жаңыдан эле түзүлгөн дыйкан чарбаларын техника менен камсыздоо, айыл чарбасынын маданиятын көтөрүп, түшүмдүүлүктү арттыруу, малдын башын көбөйтүү боюнча көп иштерди жасайт. Чарба жетекчилерине да, жер ээлерине да өз алдынча иштөө үчүн мүмкүнчүлүк берип, өндүрүштүк эски эрежелерден арылууга жетишет. 1993 – жылдан тарта өзү мурда иштеп кеткен "Киргизсельхозхимия" бирикмесин жетектеп туруп, 1997 – жылы дүйнөдөн кайтат.

Т.Д.Орозбаев 1959 – жылдан КПССтин мүчөсү болгон. Эмгеги татыктуу бааланып, үч жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, эки орден жана медалдар менен сыйланган.

# ЭГЕМЕНДИК КЕЛГЕНДЕ...

1991–жылы кыргыз элинин кылымдар көксөгөн тилеги ишке ашып, эгемендигине ээ болду. Баштагыдай Москванын көзүн карабай, өз күнүн көрүп, өз очогунан түтүн булатып, чоң–кичине өлкөлөр менен теңата оокат кыла баштады. Мен ошол кезде эл–журтка төмөнкүчө кайрылдым эле.

Бул турмуштан аз эмес алганыбыз,
Эсен – сообуз бапырап мал – жаныбыз.
Кырк уруудан таралып кылым кезген,
Кыргыз деген атанын балдарыбыз.

Эрежеге айланып казат деген,
Эркиндикке жетишиң азап белем.
Кырылышып, кыл чайнап кастарынан,
Сактап калган көкжалы Манас деген.

Аз болсок да алптарга теңатабыз,
Айбат менен ашуу – жон, бел ашабыз.
Керек кезде "Манастап!" ураан таштап,
Рухуна сыйынып келатабыз.

Азаттык деп канчалар күрөшүүдө,
Алдуулары алсызын жүдөтүүдө.
Өлкөсү жок, жери жок, түндүгү жок,
Кырк миллион күрддөрдүн күнү өтүүдө.

Жетпегенге жетчүдөй деп акыры,
Миллиондоп саналып кем – ашыгы.
Таруудайдан чачылып дүйнө кезип,
Цыгандардын табору келатыры.

Мамлекет боло албай аты БУУда,
Уйгур калкы ураанын чакырууда.

Миллиондон он алты болуп туруп,
Кыжылдаган кытайга баш урууда.

Бекер эмес алганы – бергенибиз,
Элдики элде, жерде бар жердегибиз.
Замандардын бороону буюктурбай,
Ушул күнгө эсен – соо келгенибиз.

Жарык кездин көрүнүп чеке бели,
Эл бактысы эргитти, жетеледи.
Баштагыдай бейкапар, баёо болбой,
Эгемендик баркына жетели эми.

Канткен менен, эгемендиктин баасы кымбат болуп чыкты. Мурда СССРдеги бирдик -түү эл чарба комплексин түзүү саясатынын натыйжасында союздагы ишканалар өз ара адистештирилип, даяр продукция өндүрүү үчүн бири-бирине чийки заттарды, тетиктерди жөнөтүп турса, кийин келишимдик тартиптер, өндүрүш, ошондой эле, регион аралык байланыштар ыдырап, бартердик алмашуу-лар жүрдү. Өнөр жай өндүрүшүнүн кризиси күч алып, ишканалар талап – тоноло баштады. Облустагы завод – фабрикалардын, комбинат -тардын, автобазалардын, деги эле өндүрүш-кө байланышы бар структуралардын дээрлик көпчүлүгү ушундай кейиштүү абалга туш келди. Темир – тезек, тери, жүн дегендер бүт Кытайга итбекер сатылып, жаланып – жуктанып эле куржалак отуруп калдык.

Айыл чарбасындагы абал да мындан оңуп кеткен жок.Бир кездеги 40 – 50 миң кою, 5 – 10 миңдеген ую, жылкысы, толгон-токой чочкосу, канаттуулары бар чарбалар чилдей тарап, буга чейин топтолгон байлыгы күйүүчү май

алынды, жер семирткичке жумшалды деген сыяктуу болбогон шылтоолор менен көрүнгөн шылуундардын кекиртегине кетти. Баштагы үрөнчүлүк, асыл тукум мал өстүрүү чарбалары да сакталып калбады. Жерди, талап – тонолгондон калган биртике малды, сарайларды, техникаларды үлүшкө деп таратып, мал бордоо комплекстеринин заңгыраган имараттарын фундаментине чейин "кемирип" кетишти. Алдым – жут-тумдукка көнүп алган адамдардын ашказаны темир – тезекти деле, башкасын деле сиңире берерин ошондо көрдүк.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаев быйыл республиканын айыл чарба, тамак – аш жана кайра иштетүү өнөр жай кызматкерлерин кесиптик майрамы менен куттуктап жатып бул жагдайдагы кейиштүү абалды ачык эле айтты. "Көпчүлүгүбүз айылда, элет жеринде туулуп өскөнбүз,- деди ал.- Бала кезибизден дыйкандын түйшүгүн тартып, жеген наныбыздын баркын билип, карапайым адамдарды урматтоого үйрөндүк.

Совет доорунда республикабызда айыл чарбасын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Аталарыбыздын маңдай тери, ак эмгеги менен миңдеген гектар жерлер өздөштүрүлүп, мал чарбачылыгы, кайра иштетүү тармагы дүркүрөп өнүккөн.Тилекке каршы, эгемендик жылдарында көп нерседен кол жууп калдык.Кыргызстан айыл чарба азыктарын экспорттоочу мамлекеттен импорттоочу өлкөгө айланды.

Мындай кырдаалды өзгөртпөсөк болбойт. Жакынкы жылдарда өлкөбүз өзүн таза жана сапаттуу азыктар менен камсыздап, аны

сыртка саткан мамлекетке айланууга тийиш.Албетте, бул иш көп күч – аракетти жана мамлекеттик колдоону талап кылат".

Антсе да, эгемендиктин шарапаты менен өнөр жай өндүрүшүн кайра көтөрүү, айыл чарбасын реформалоо боюнча аракеттер жасалууда. Адегенде ал барып – келип эле "Кумтөр" долбооруна такалат. Кумтөр кени Жети – Өгүз районунда, Ак – Шыйрак тоо кыркаларынын түндүк – батыш бетинде, деңиз деңгээлинен 4000 метр бийиктикте жайгашкан. Жалпысынан кымбат баалуу металлдын 731 тонна запасы бар, анын 316 тоннасы ачык ыкма менен казып алууга жарактуу деп аныкталган. Учурда анда 1800дөн ашуун адам туруктуу иш менен камсыздалса, анын 90 пайызга жакыны өзүбүздүн мекендештерибиз.

Кептин ачыгы, Кумтөр - канадалыктар баштаган иш эмес. Геологиялык иликтөөлөр 1920 – жылдан башталган. 1989 – жылы совет -тик геологдор аны изилдеп чыгып, түбөлүк муздун шартында иштетүү оор, коммерциялык жактан келечеги жок деген негизде токтотуп койгон.Бирок, 1992 – жылдын 4 - декабрында Торонтодо Кыргыз Өкмөтү, "Кыргызалтын" мамлекеттик концерни жана "Камеко" корпорациясы келишимге кол коюшуп, канадалыктарга кенди иштетүү укугу берилген. Ошол эле жылы "Кумтөр Оперейтинг Компани" түзүлгөн.

2004–жылы "Кумтөр" долбоорун реструкташтыруу жүрүп, Кыргыз Өкмөтү өз чечими менен долбоор боюнча активдерин "Центерра Голд инк." түндүк америкалык компаниясына өткөрүп берген. Ошондон тарта "Кумтөр Оперейтинг Компани" "Центерра Голд инк." компаниясынын структуралык бөлүмү болуп калган.



Кумтөр кениндеги 4200 метр бийиктикте жайгашкан алтын ылгоо фабрикасы 1996 – жылы эксплуатацияга берилип, алтындын биринчи куймасы ошол жылдын 1–декабрында алынган. 1997 – жылы 15,6 тонна алтын, 1 тонна күмүш өндүрүлгөн. 1997 – жылдан бери кенде "Кумтөр Голд Компани" тарабынан жалпысынан 279 тонна алтын өндүрүлгөн. Кендин жылдык орточо өндүрүмдүүлүгү 19 тонна алтынды түзөт.

Өткөн 2013 – жылы облустун өнөр жай өндүрүшү "Кумтөр" алтын кенин кошо эсептегенде 41 998,4 млн. сомдук продукция өндүрүп, 2012 – жылга карата өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси 184,7 пайызды түзгөн."Кумтөр" кен казуу ишканасын эсепке албаганда 2 458,5 млн. сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмүнүн индекси 93,7 пайыз болгон. Ушундан эле аталган алтын кенинин салмагын баамдап, маанисин түшүнсөк болот. Белгилей кетүүчү жагдай – ишкана

иштей баштаган күндөн тарта өрөөндөгү калктын социалдык көйгөйлөрүн чечүү багытында да өзүнүн салмактуу салымын кошуп келүүдө.

Бирок, акыркы күндөрү Канада тарап ашыкча кадамдарга барып, Онтарио провинциясынын Жогорку соту "Кыргызалтын" ачык акционердик коомунун "Центерра Голд инк." компаниясындагы акцияларын камап койгондугу республиканын жетекчилигинин катуу нааразылыгын пайда кылды.

Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев 2014-жылдын 14-октябрында "Центерра Голд инк." компаниясындагы "Кыргызалтын" ААКнын акцияларын Онтарио (Канада) провинциясынын Жогорку соту тарабынан кезектеги камакка алуусу тууралу маалыматка байланыштуу төмөнкүдөй билдирүү жасады:

"Канаданын сотторунда Кыргызстан үчүн чыгашалуу чечимдерге алып келген "Центерра Голд инк." акцияларынын тегерегиндеги түрдүү оюнчулардын чайкоочулугу Конституцияга ылайык Кыргыз Республикасынын менчиги болуп эсептелген "Кумтөр" алтын кенин иштетүүгө карата мамилени кайрадана карап чыгууну талап кылууда.

Кыргызстан бийлигинин 90-жылдардагы кылмыштуу шалаакылыгынан же үстүртөн мамилесинен улам, андан соң 2003-жылдагы улуттук кызыкчылыктарга жасаган түздөн-түз чыккынчылыгынын айынан дүйнөдөгү эң ири алтын кенин иштетүүчү "Кумтөр" көп жылдар бою өлкөбүзгө жадагалса кирешенин салыштырмалуу адилеттүү бөлүгүн алып келбей жатат.

Түзүлгөн кырдаал үчүн айыпты Кыргызстандын ошол кездеги бийлигине тагуу менен бирге, биз кыргыз бийлигинин терс жактарын Канаданын инвесторлору дагы пайдаланып жаткандыгын белгилебей кое албайбыз. Сөз 90-жылдардын башталышындагы алгачкы макулдашуунун Кыргызстан үчүн өтө пайдасыз шарттары жана 2003-жылдагы долбоорду реструктуризациялоо абдан жаман жүргүзүлгөндүгү тууурасында жүрүүдө.

Тилекке каршы, канадалык азыркы өнөктөштөр –"Центерра Голд инк." менен өз ара пайдалуу консенсуска жетишүү боюнча Кыргыз Республикасынын кийинки аракеттери азыркы күндө биз каалаган жыйынтыктарды бербей жатат.


Кыргыз Республикасы сот системасынын ишининин принциптерин урматтайт, бирок азыркы пайда болгон тенденция Өкмөттүн алдында Кыргызстандын активдерин коргоо жана мындан ары мындай коркунучтардын алдын алуу боюнча кыйла таасирдүү механизмдерди колдонуу милдетин коюп жатат. Тактап айтканда, Торонтодогу канадалык фонддук биржадагы листингден "Центерра Голд инк." акцияларын чыгарып кетүү мүмкүнчүлүгү тууралу маселени коюуга мажбурлайт. Же мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоо боюнча кыйла чечкиндүү чараларды көрүп, Кыргызстандын дүйнөдөгү эң ири алтын кенинен түрдүү ыкмалар менен пайданын көп бөлүгүн алып чыгып кеткен компания Канаданын сотторунда "Кумтөрдүн" тагдырын чечүүсүнө жол бербешибиз керек.

Кыргыз Республикасынын улуттук байлыгы чарбалык талаштарда чет өлдик ком-

пания же уюм тарабынан Кыргызстанга кандайдыр бир кысым көрсөтүүнүн куралына айланган жагдайга жол берүүгө болбойт”. **(“Кыргыз Туусу”, 21.10.2014-ж., № 80.111)**

Бул жерде Каракол шаарында “Темир бетон”, “Төштүк-Каракол”, басма–полиграфия тармагын тейлеген “Фирма Дархан”, “Садус”, Жети–Өгүз районунда “Мундуз кирпич”, сүттү кайра иштетүүчү “Ак жалга”, Ак–Суу районунда “Дорго көмүр”, райондун Жаңы–Арык айылында кийим тигүүчү “Айко–Сейко”, Балыкчы шаарында “Кыргызспецпром”, Түп районунда кийиз буюмдарын жасоочу “Ак шуру”, сүттү кайра иштетүүчү кыргыз–швейцариялык “Сүт булак”, Ысык-Көл районунда “Коопромсервис” сыяктуу бир катар ишканалар иштеп, өндүрүшүбүзгө өбөлгө түзүп жатканын белгилей кетели.

Элди, өнөр жай ишканаларын электр энергиясы менен тейлөөдө “Чыгыш электр” АКнын да аракети бар.



Мисал катары “Айко–Сейко” ишканасын алсак, ал мындан он жыл мурда тигүү цехи катары ачылып, алгач анда 30 гана киши иштеген. 2004–жылы 8 млн. сомдук продукция

чыгарып, салыкка 1 млн., соцфондго 57 миң сом төлөп берген. 2005–жылы чыгарган продукциясынын көлөмү 18 млн. сомго өсүп, төккөн салыгы 3 млн., соцфондго чегерүүлөрү 98 миң сомго көбөйгөн. Жыл өткөн сайын өндүрүшү кеңип, анда иштеген тикмечилердин саны жана иш өндүрүмдүүлүгү артып отуруп, 2008 – жылы 28 млн. сомдук продукция чыгарышкан. Ага жараша мамлекетке киргизген салымы да көбөйүп, салык үчүн 6 млн., соцфондго чегерүүлөрү катары 257 миң сом төгүп берген.Быйылкы жылдын өткөн 9 айында эле ошол деңгээлде товар чыгарып, облус гана эмес, республикадагы алдыңкы ишканалардын катарына кошулуп отурат.

Бишкек шаарында, Жети–Өгүз районунун Кызыл–Суу айылында филиалдары ачылып, биринчиден, эл керектөөчү товарларды чыгарып, көпчүлүктүн талабын канааттандырууга салым кошсо, экинчиден, жүздөгөн адамдарды жумуш орду менен камсыз кылууда. А эл ичинде илгертен бери келаткан тикмечилик, саймачылык, узчулук сыяктуу өнөрдү кесип катары туткан кыз–келиндер аз эмес.

-Азыр жалпысынан 20 млн. сомдук заказдарыбыз бар,- дейт ишкананын директору Н.Султанбаева. – "Кумтөр Голд Компани", республиканын Коргоо, Ички иштер министрликтери, бажы кызматы, башка айрым структуралар менен кызматташып жатабыз.Буюрса улуттук жана чет элдик моделдерди туура тандап, продукцияларыбыздын сапатын жакшыртып, атаандаштыкка толук туруштук беребиз деген ишеним бар.

Азыр баштагыдай эле, жаратылыш шарттарына ылайык агрардык сектор

облустун өндүрүшүнүн негизги тармагы болуп саналат. Өрөөндө 20418 дыйкан, фермер чарбалары, 139 айыл чарба бирикмелери жана кооперативдери бар. Өткөн 2013 – жылы жалпысынан 175788 га. айдоо аянты болсо, анын 93215 гектарына дан эгиндери, 29792 гектарына картөшкө жана жашылча, 52779 гектарына тоюттук, 95 гектарына техникалык өсүмдүктөр айдалган. Жер ээлеринин жайлы - жайлата төккөн маңдай терлеринин мээнети кайтып, дан эгиндеринен орточо 21,4, картөшкөдөн 177,5, жашылчадан 163,8, көп жылдык чөптөн 43,2 центнерден түшүм алынган. Башкасын айтпаган күндө деле дан эгиндеринен жалпысынан 199288 тонна, же мурдагы жылдагыга караганда 71500 тонна көп түшүм алынып, 156 пайызды түзгөнү эле талаачылык жумуштарында байкаларлык жылыштар болуп жатканын көрсөтөт.



Облуста акыркы жылдары малдын башын өстүрүү, алыскы жайыттарды өздөштүрүү, мал чарба азык – түлүктөрүн көбөйтүү боюнча бир катар алгылыктуу иштер аткарылууда. Бүгүнкү

күндө өрөөндө  199978  баш бодо мал, 87330 баш жылкы, 834111  баш кой – эчки, 821856 канаттуу багылып жатат.

Өткөн жыл ичинде бардык категориядагы чарбаларда 44641 тонна эт (101 пайыз), 191979 тонна сүт (103 пайыз), 1912 тонна жүн (104 пайыз) өндүрүлгөн. 64 446 миң даана жумуртка алынып, мурдагы жылкыга бир аз өлчөмдө жеткен эмес.

Мал чарбасы жана талаачылык боюнча алдыңкы көрсөткүчтөрдү жаратып жаткан кооперативдердин катарында Ак – Суу районундагы "Заря", Тоң районундагы "Айкол", Түп районундагы "Элдияр", "Дыйкан сервис", Ысык – Көл районундагы "Багринцев", Жети-Өгүз районундагы "Жеңиш нур", "Толук" сыяктуу бир катар чарбаларды кошууга болот. Короо толо кой айдап, кырман толо эгин өстүрүп, "кулча иштеп, байча жашап" жаткан мээнеткеч адамдар  ар бир райондо ондоп саналат.

# ЫСЫК – КӨЛ – КЫРГЫЗ БЕРМЕТИ

"Кыргыз бермети" аталган Ысык–Көл керемет кооздугу менен көз кумарын кандырып, калкыбыздын атын дүйнөгө чыгарып, жеке эле облус эмес, Кыргызстандын экономикасын көтөрө турган туризм тармагынын чордону болуп турганы менен сыймыктанабыз. Акындар кылымдардан бери ырын арнап, жазуучулар сөздүн гүлдөрүн терип, чечендер санжыра – санат кебин айтып, сүрөтчүлөр миң түркүн боёгун сүрткөн менен көл көркүнө салыштыруу табыша элек.

Ысык – Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу мындай жолдош күткөн жокмун,

–деп учурунда Алыкул акын жазгандай (**"Көл толкуну". Бишкек, 2010 – ж., 339 – б.**), болгон сырын ичине катып, жубар берметтей толкундарын жыбырата көлбүп жатат.



Өрөөндүн жаратылышына тоолуу рельеф менен Ысык–Көлдүн таасири чоң. Көлдүн бассейнинин аянты 6236 миң чарчы чакырымды, чыгыштан батышка карай узундугу 182, түштүктөн түндүккө карай узуну 60 чакырымды, эң терең жери 702 метрди, суусунун көлөмү 1738 куб чакырымды түзөт. Деңиз деңгээлинен 1609 м. бийиктикте жайгашкан. Дүйнөдөгү тоо көлдөрүнүн ичинен чоңдугу жагынан Титикакадан кийинки, суусунун тунуктугу боюнча Байкал көлүнөн кийинки экинчи орунда турат.

Ага Түп, Жыргалаң дайралары баш болгон 80ге жакын өзөндөр куйган менен, кайра суу агып чыкпайт. Ошондон улам суусу туздуурак келип, минералданышы 5,90 пайызды түзөт. Суусу бирде көтөрүлүп; бирде түшүп, анын деңгээлинин өзгөрүшү ондогон жылдарга созулат. Анын Ала – Тоонун алаканында бой керип, өрөөндүн жайын салкын, кышын мелүүн кармап турган улуу касиети илимпоздорду, алыс – жакындан келген туристтерди, жалпы эле меймандарды суктандырбай койбойт.

“Калыгул Олуя ошондон улам: “Жай болуп какшыткан ысыгы жок, кыш болуп какшаткан суугу жок, ат жеткен жерде мындан өткөн кызыгы жок, мактанып буга жер жетеби? Көлдөн чыкпагыла, балдар!”- деп насаатын айтса, кадимки Санчы сынчы: “Жарыктыктын түбүндө жок тешиги, ташып турат ырыс – кешиги” - деп суктанып атпайбы”. **(“Толкундар жээкке келишет”. 406-б.)**

Ысык–Көл облусунун аймагында 180 курорттук–ден соолук чыңдоо мекемелери бар. Алардын көпчүлүгү жайкысын эле иштесе,

“Ак кеме”, “Кыргыз деңизи”, “Көгүлтүр Ысык – Көл”, “Каприз”, “Реал Бич”сыяктуу 16 эс алуу жайы, № 2 мамлекеттик резиденция жыл бою меймандарды кабыл алып, калкка кызмат кылууда.

2013 – жылы курорттук – ден соолук чыңдоо мекемелеринде атайын жолдомолор менен жана өз алдынча келген 691 150 киши эс алып, салыктык төлөмдөр катары 165 327,2 миң сом түшүрүлсө, 2014–жылдын өткөн 9 айында эле келген эс алуучулардын саны 791 506 адамды, төгүлгөн салыктардын өлчөмү 150,1 млн. сомду түзгөн. Бул 9 айда өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 12,6 млн. сом көп түшкөнүн көрсөтөт.

Антсе да, облусубуздун аймагында эл аралык туризмди өнүктүрүүдө Тамчы аэропортунун, Түп-Кеген каттамындагы автожолдун мааниси абдан зор экенин унутууга болбойт. Аэропорттун ишке толук киргизилиши, автожолдун аягына чейин асфальтталып, пайдаланууга берилиши менен коңшулаш Казакстандан жана ага жанаша жайгашкан башка өлкөлөрдөн келүүчү туристтердин агымы көбөйүп, туризм индустриясы облусубуздун экономикасынын орчундуу бөлүгү болуп каларында шек жок.

Жыл сайын туристтик сезон башталарда курамына салык кызматынын, жергиликтүү өзүн–өзү башкаруу органдарынын, бизнес ассоциацияларынын өкүлдөрү кирген атайын топтор түзүлүп, салыктык төлөмдөрдү өз убагында которуу боюнча түшүндүрүү жумуштарын жүргүзүшсө, эс алуу жайларынын аймактарына курулган, же сатылган кыймылсыз мүлктөрдүн салыктары

боюнча салык мыйзамына өзгөртүү киргизилсе, Мамлекеттик каттоо кызматы кыймылсыз мүлктү сатуу – сатып алуу маселесин аймактык салык кызматынын салыктык карызы жок деген справкасынын негизинде документтештирсе, курорттук–ден соолук чыңдоо мекемелеринин администрациялары өз мүлктөрүн башка субъектилерге арендага бергени тууралу салык кызматына маалымдап турушса талапка ылайык болор эле.

Облуста тоо лыжа туризми өнүгүп, меймандарды кыш айларында да кабыл алуу мүмкүнчүлүгү кеңейүүдө. Каракол шаарынан 7 чакырым аралыкта, деңиз деңгээлинен 2300 м. бийиктикте жайгашкан лыжа базасы бир нече жылдан бери иштейт. Анын аймагында мейманкана, ресторан, сауна, бильярд, стол үстүндөгү теннис, компьютер залы, вертолет аянтчасы бар. Лыжа, чана прокатка берилет. Кыш мезгилинде тоо беттеринде беш асма көтөргүчтөр жылып турат. 20 чакырымга созулган трассалар спортсмендер, лыжанын чыныгы күйөрмандары сыяктуу эле, убактысын көңүлдүү өткөрүү үчүн алгач ирет келген адамдарды да кайдигер калтырбайт.

Кар катмары тоо беттеринде 7 айга чейин жаткандыктан, мында лыжа менен эс алуу мөөнөтү 150 күндөн ашуун созулат. Лыжа базасына келген адамдарды кабыл алуу үчүн облустук борбордо акыркы жылдары эле бир нече мейманканалар, тамактандыруу жайлары ачылып, жүздөгөн жаңы жумушчу орундары түзүлдү. Чукул арада мындай базаны Ак–Суу районундагы Кереге–Таш, Боз –Учук айылдарында түзүү жагы каралууда.

Көл аймагында алыс–жакындан келгендер-

ди суктандырып, өрөөндүн даңазасын арттырып жаткан ажайып жайлар аз эмес. Алар – Ак – Суу районундагы Сары – Жаз өрөөнү, Мерцбахер көлү, Түргөн, Ак–Суу, Алтын–Арашан капчыгайлары, Кайырма–Арык айылынын тоо кыркалары, андан бери Каракол капчыгайы, капчыгайдагы Ала–Көл, Түп районундагы кадимки Көкөтөй байдын ашы өткөн Каркыра жайлоосу, "Сан–Таш" комплекси, Жети–Өгүз районундагы Көк–Жайык жайлоосу, Жети–Өгүз, Барскоон капчыгайлары, Жети–Өгүз аскасы, Кумтөр кенине чукул Петров көлү, Тамгадагы тибет жазуулары бар аска таштар, Ысык–Көл районундагы Ч.Айтматов атындагы "Рух Ордо" маданий борбору, Григорьев, Семенов, Чоктал капчыгайлары, Чолпон–Ата аска галереясы, Тоң районундагы "Манжылы–Ата" ыйык булактар өрөөнү, Туздуу–Көл, Балыкчы туштагы Кара–Көл.

Өрнөк, Чоң–Кой–Суу, Кара–Ой аймактарындагы биздин эрага чейинки 1 миң, биздин эранын 1 миң жылын камтыган, сак–усундардын жана байыркы түрк урууларынын тарыхый эстеликтери болгон петроглифтер өзүнчө эле бир дүйнө.

Айтор, санап отурса дагы кыйлага барат. Ар биринин тарыхы, санжыра – санаты бар. Маселен, Каркыра жайлоосундагы "Сан – Таш" комплексинде үйүлгөн таш дөбөнү эл Темирландын жортуулуна байланыштырат. Аскер башы жортуулга баратып, өз жоокерлеринин санын билиш үчүн ар бирине бирден таш таштоону буюрган имиш. Кайра кайтканда да канча жоокери калганын билиш үчүн дөбөдөн бирден таш алып салууга

көрсөтмө берет. Демек, азыркы үйүлгөн таш анын согуштан кайтпай калган жоокерлеринин санын көргөзөт. Ал жерден биздин эрага чейинки VI-III кылымдарга, сак – усундардын мезгилине тиешелүү таш белгилери коюлган ар кандай формадагы көрүстөндөрдүн калдыктары да табылган.

Ошентсе да, керемет көлүбүздү сактоодо жана ага байланыштуу туризм тармагын өнүктүрүүдө кыйла кемчиликтер бар экенин жашырууга болбойт. Биринчиден, көлдүн суусу жыл өткөн сайын төмөндөп баратат. Бул, биз жогоруда айткандай, табигый процесс болгон менен, көлгө куя турган суунун бир бөлүгү айыл чарба өсүмдүктөрүн сугарууга кетип, ыксыз эле коромжу болууда. Андыктан акыркы учурларда алдыңкы тажрый -ба катары колдонула баштаган сугаруунун тамчылатуу ыкмасын практикага кеңири киргизүү зарыл.

Экинчиден, көлдүн тазалыгын, байлыгын сактоо такыр эле көз жаздымда калган иш болуп калды. Көл жээгине акыр – чикирин ыргыткандар, автолорунун майын агызып жууп жаткандар, жээк туштагы бадалдарды кыйып, андагы коен, кыргоол, чил, кекилик сыяктуу илбээсиндерди туш келди аткылап жаткан тентектер, көл үстүнүн чоло жерин калтырбай тор салып, форель баштаган анын баалуу балыктарын кырып – жоюп жаткандар четтен чыгат. Караган киши жок. Карайт деген егерлер, жаратылышты коргоо жетекчилери менен кызматкелери, күч органдарынын тиешелүү өкүлдөрү өздөрү браконьер болуп кетишкен. Башкаларга караганда ошолор өздөрү көп зыян келтирип, табигый байлыктар

-га суук колдорун салып жатышат. Документи бар, колу – жолу бош, "кой – ай" деген киши жок.

Буга кошул – ташыл болуп, бир топ эс алуу жайларында тазалоо жабдууларынын жоктугу, болсо да жөндүү иштебегендиги керемет дүйнөнүн ишпалдасын чыгарып, шайын оодарууда. Тазалоо жабдуулары жокторду жайкы эс алуу сезонуна кошпойлу, ишин токтотолу деп дурус демилгелер жыл сайын көтөрүлгөн менен, бул акча деген балээ баарын кылабы, айтор, алар деле кылы кыйшайып койбой иштеп келатышат.

Тамчы айылындагы менчик эс алуу жайлары жөнүндө көп эле айтылды, республикалык басылмалардан бери жазылды. Жайкысын андагы өзүмдүк үйлөрдө, коттеджерде 4000ге чейин адамдар эс алары жашыруун деле болбой калды. Анан ошончо адамдын акыр–чикирлери өзүнөн–өзү ташылып чыгып, жугунду, кир суулар, ажатканалардын саркындылары көлгө кирбегенде, бууланып асманга чыгып кетпейт да. Ушундан кийин көлдүн тазалыгы жөнүндө кантип бирдеңке дейбиз?

Албетте, маараке алдында көңүл чөгөргөн мындай нерселерди айтпай, маанайыбыз көтөрүңкү болуш керек эле. Бирок, турмуш деген–турмуш да. Ал дайыма эле мактаныч сөздөн, көтөрүңкү маанайдан турбайт эмеспи. Келечегин түздөөчү эл кемчилигин да айтат экен.

Кыргыз Өкмөтүнүн облустагы өкүлчүлүгү бул жагдайда бир катар иштерди жүргүзүп жатканын белгилей кетишибиз керек. Жыл сайын браконьерликке каршы күрөш жүргүзүү боюнча үч айлык жарыяланып, жыйынтыгы

коллегия жыйынында каралып келет. Облустун аймагында калктуу конуштарды көрктөндүрүү, жашылдандыруу, санитардык тазалоо, ошондой эле Ысык–Көлдүн жаратылыш байлыктарын сактоонун үч айлыгын жарыялоо да жакшы салтка айланып калды. Быйыл да ушундай үч айлык жарыяланып, анын жүрүшү, жыйынтыгы боюнча токтомдор чыгып, ишке жоопкерчиликтүү мамиле кылбаган жетекчилерге катуу чаралар көрүлдү. Туристтик сезон -дун жүрүшү, жыйынтыктары да көз жаздымда калган жок.

Бул жагдайда "Ысык – Көл" биосфера аймагы да көп иштерди жасашы керек эле. Анын негизги милдети регионду экологиялык – экономикалык жактан өнүктүрүү, биотүрдүүлүктү, Ысык – Көлдүн керемет дүйнөсүн сактоо болуп саналат. Биосфера аймагы 2001 – жылы ЮНЕСКОнун расмий таануусуна ээ болуп, биосфералык резерваттардын Бүткүл дүйнөлүк тармагына кошулган. Биорезерваттын флорасы өсүмдүктөрдүн 1500 түрүн камтыйт. Алардын арасында дарылык касиетке ээ 50дөн ашуун түрлөрү да бар.

Анын эсебинде сүт эмүүчү жаныбарлардын 54 түрү болсо, 9у Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген. Көл өрөөнү боюнча канаттуулардын 267 түрү катталып, анын ичинен 18и Кыргызстандын Кызыл китебинин, экөө эл аралык Кызыл китептин каттоосуна алынган.

Анткен менен, биз жогоруда көлдүн байлыгын, тазалыгын сактоо жагдайында айткан кемчиликтердин кыйласы ушул биосфера аймагы дирекциясына түздөн–түз тиешелүү. Кандай мекеме болбосун, анын

деңгээлин иштин натыйжасы көрсөтөт эмеспи. "Абийир менен иштесең, айлыкты уялбай аласың" деп жаздым эле мен бир жолу ушундайлар жөнүндө. Ансыгандай, биосфера аймагынын жетекчилери жөн эле караан көрсөтүп жүрө бербей, иш кылышса демекчибиз.

Албетте, булар эми көлгө байланыштуу айтыла калган кеп болду. А түпкүлүгүндө түрктүн улуу акыны Назым Хикмет: "Мен күйүп жанбасам, сен күйүп жанбасаң, ким түнгө шоола чачат" деп айткандай, эгер Ысык – Көл үчүн мен күйбөсөм, биз күйбөсөк, тыштан эч ким келип, эки тыйынча иш кылып бербейт.



Мына ушул эгемендик жылдары Ысык – Көлдө бир катар адамдар губернатор болуп иштешти.

# ЭГЕМЕНДИК ЖЫЛДАРЫНДАГЫ ОБЛУСТУН ГУБЕРНАТОРЛОРУ



## САДАНБЕКОВ Жумагул Саадандбекович

1992–жылы эгемендиктин шарданы менен Ысык–Көл облусуна биринчи губернатор болуп дайындалып, 1996–жылга чейин иштеген. Философия илимдеринин кандидаты, саясий илимдердин доктору.

Ал 1940–жылы Ак–Суу районундагы Шапак айылында туулган. 1961–жылы Пржевальск пединститутун физика жана математика мугалими адистигинде аяктап, эмгек жолун Жети–Өгүз районундагы С.М.Киров атындагы орто мектебинде мугалим болуп баштаган. Бир нече жыл ушул эле райондогу Барскоон орто мектебинде директордун орун басары, партиянын Жети–Өгүз райкомунда инструктор, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын философия жана укук институтунда кенже, улуу илимий кызматкер болуп иштеген.

1974–жылы партиялык кызматка көтөрүлүп, партиянын Фрунзе шааркомунун үгүт жана насыят бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган. Андан соң ушул эле шааркомдун уюштуруу–партиялык иштер бөлүмүнүн башчысы, шааркомдун катчысы, Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин уюштуруу–партиялык иштер бөлүмүнүн инспектору, үгүт жана насыят бөлүмүнүн башчысынын орун басары, идеология

бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп, такшалуунун чоң мектебинен өткөн.

1991–жылдан тарта Кыргыз ССР Жогорку Советинин маданият, билим берүү, спорт жана туризм боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы, СССР Жогорку Советинин республикалар Советинин төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президенттик советинин мүчөсү, республиканын Президентинин алдындагы Мамлекеттик инспекциянын төрагасы болгон. 1992–жылы Ысык–Көл облусунун губернаторлугуна дайындалган.

Облустук мамлекеттик администрациясынын басма сөз борборунун жетекчиси катары мен Жумагул аба менен ушул жерде чогуу иштешип калдым. Жогоруда аталган китебимде (127, 131,132 – б.) жазылгандай, "Ага чейин республикалык гезиттерди жетектеп келген менен журналисттик иштин чыныгы практикасынан ушул жерде өттүм десем болот. Жумагул Сааданбекович чоң саясатчы, уюштургуч жетекчи, күркүрөгөн дикциясы менен жалпы элди өзүнө тартып сүйлөгөн чечен, кагаз жазуунун өзгөчө билерманы эмеспи. Анын сүйлөөчү сөздөрүн көп жаздым.

-Кыска жаз,-дечү ал дайыма,-6–7 мүнөттөн ашырба. Курч, оригиналдуу жаз. Көп сөздү азыр эч ким жакшы көрбөйт.

Өзү жазган учурларда улам бүткөн барактарын машинкага ташып араң үлгүрчүмүн. Шапак баатырдын маарекесине, Нооруз майрамына ж.б. иш–чараларга жазган сөздөрүн азыр да кез–кез карап, кастарлап сактап келатам.

Жумагул аба менен чарбаларды көп

кыдырдык. Кантсе да, айылда өскөн, отун алып, от жагып дегендей, согуштан кийинки элет турмушунун түмөн түйшүгүн жон териси менен сезип чоңойгон муундун өкүлү эмеспи. Түпкүлүгүндө саясаттын, идеологиянын адамы болсо да, өндүрүштүн ар кыл тармагын кылдат баамдап, ийгилик–кемчиликтердин себебин тактап, коңшу элдерде, дүйнө айдыңында болуп жаткан жаңылыктарды, башталмаларды пайдаланууга таптанып турчу. Философ катары ойчулдугу, педагог катары калыптанып калган ички маданияты, саясатчы катары кенен ой чабыты жетекчилик сөөлөтүнө кошулуп, анын көз талдырган бийик феноменин түзүп турчу.

"Кумтөр" алтын кени, колхоз–совхоздордун жетимиш жыл чогултулган мал–мүлкүн, башка байлыктарын элдин үлүшүнө таратуу маселелери ошол учурга туш келди. Эл арасында чарбалардын шайы бошторун таратып, тың турган, миллионер чарбаларды таркатпай сактап калсак, тараган колхоз–совхоздордун техникалары, кырман, куут пункту сыяктуу объектилери ортого алынса, үрөнчүлүк, асыл тукум мал өстүрүү чарбалары иштей берсе деген пикирлер да айтылды. Бирок, Б.Талгарбеков деген "билерман" Жети–Өгүздүн "Тамга" совхозунда семинар өткөрүп, чуулдатып ийгенден кийин эле менчиктештирүү процесси күчүнө кирип, баш–аягыбызды таппай калдык. Президент А.Акаев мындай чала сабат жандоочторунун түртмөгүнө кирип, муну мамлекеттик саясатка айланткан соң Жумагул Сааданбековичтин анын көрсөтмөлөрүн аткаруудан башка чарасы калган жок эле".

Ж. С. Саадамбеков 1998–жылдан тарта Кыргыз Республикасынын Украинадагы, бир эле мезгилде Румыниядагы жана Молдовадагы ыйгарымдуу элчиси, 2000–жылдын сентябрь, октябрь айларында Президенттикке талапкер А.Акаевдин шайлоо алдындагы республикалык координациялык штабынын начальниги, андан соң Кыргыз Республикасынын Казакстандагы ыйгарымдуу элчиси, акыркы мезгилдерде Тышкы иштер министирлигинин Дипломатиялык академиясынын ректору болуп иштеген.

Анын саясий, экономикалык, социалдык глобалдык маселелерди терең талдаган “Авторитаризм и демократия на Востоке”, “Сумерки авторитаризма. Закат или Рассвет”, “Нурсултан Назарбаев: Законы лидерства” жана “Менин өмүрүм” аттуу капиталдык эмгектери массалык нуска менен жарык көргөн.

1985–1995–жылдары Кыргыз ССР Жогорку Советинин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланган. “Кыргыз Республикасынын Толук жана Ыйгарым укуктуу элчиси” рангы берилген.

Турмуш ушул – таттуу дагы, ачуу да,
Мезги ушул – токтоо билбес, шашуу да.
Ага аралаш Ажар эжем экөөңүз,
Келиптирсиз жетимиште ашууга.

Мындай кезди эске албаган болчубу,
Ой бермети, сөз бермети толкуду.
Ала – Тоонун бир сереси бийиктеп,
Ысык – Көлдүн көтөрүлдү толкуну.

Жүрсөңүз да көп адамдын бириндей,
Күү – шаа түшүп, бирде тынчып билинбей.
Кыл чокуда куттуу орун таптыңыз –
саясатчы, дипломат, илимдей.

Адам болот жашоо жолун эптеген,
Адам болот максат коюп беттеген.
Кыл чайнашкан күндөр сизде көп болду,
Кырчылдашып, көңүлгө уюп кетпеген.

Саясаттан эч ким чыкпай алдыга,
Калыс сүйлөп калк намысын жандыра.
Тайгак жолдо чындыкты айтып чыркырап,
Эчен ирет сүрөдүңүз алдыга.

Элчи болуп чет жактарда - алыста,
Жарадыңыз эл ишине, намыска.
Кайда болсо кара кылды как жарып,
Бере алдыңыз адилет баа, калыс баа.

Бирок, жакшы, өктө болбойт көңүлдө,
Жашоо ушундай, ырдоо керек көп үндө.
Бай дарактай канат – бутак жайылып,
Бапыраган турмуш турат өмүрдө.

Эчен кыйноо – кыстоолорду жеңдиңиз,
Эр эңиште эчендерди эңдиңиз.
Биз сыяктуу инилердин катарын,
Топко кошуп тарбиялап келдиңиз.

Маарекеде айтар сөздүн акыры,
Сиз Мекендин ар – намысы, акылы.
Бүгүн дагы эл – журтуңуз көп иште,
Кулак түрүп сизди угуп жатыры.

Ар нерсенин болот тура учуру,
Жетимиш жаш келе бербейт утуру.
Эже менен эсен – аман жүрүңүз,
Алтын агам, эр Шапактын тукуму -
деп кийин ага ыр арнаган элем.



## КАСЫМОВ
## Тойчубек Касымович

1946–жылы Талас облусунун Талас районундагы Көпүрө–Базар айылында туулган. Ветеринария илимдеринин кандидаты.

Ал 1963–жылы Талас районундагы "Каракол" колхозунда колхозчу болуп эмгек жолун баштаган. 1970–жылы К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтунун ветеринария факультетин аяктап, Чүй районундагы "Кегети" совхозунда ветврач, башкы ветврач, Чүй райондук малдардын оорулары менен күрөшүү станциясынын начальниги, ушул эле райондогу "Шамси" совхозунун директору болуп иштеген.

Адис катары өз ишин жакшы билгендиги, жетекчи катары уюштуруучулук жөндөмү эске алынып, 1985–жылы Чүй райондук аткаруу комитетинин айыл чарба башкармасынын начальниги болуп көтөрүлгөн. 1988–жылдан тарта Талас облусунун Ленинполь райондук аткаруу комитетинин төрагасы, Чүй облустук мамлекеттик ветеринария борборунун директору, "Ветеринария" мамлекеттик бирикмесинин башкы директору, Талас облустук айыл чарба башкармасынын начальниги болгон. 1992–жылы Талас облусунун губернаторлугуна дайындалып, 1996–2000–жылдары Ысык–Көл облусунун губернатору болуп иштеген. Таластагы кезинде Чөңөрдүн, Ысык–Көлдөгү учурунда Чолпон–Ата–Алматы жолун салдырган. Ишке тактыгы, жоопкерчиликтүү мамилеси менен айырмаланып, өнөр жай ишканаларын жандандырууга, айыл чарбасын көтөрүп, элдин жашоо турмушун жакшыртууга көп күч–аракетин жумшаган.

2000–жылы Чүй облусунун губернатор-

лугуна котторулуп, андан соң 2004–жылдын февраль айынан 2005–жылдагы элдик революцияга чейин Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясын жетектеген.



## ШАРИПОВ
### Жусупбек Шарипович

1955–жылы Ош облусунун Кара–Кулжа районундагы Кара–Кулжа айылында кызматкердин үй–бүлөсүндө туулган. 1978–жылы Киевдеги инженердик–курулуш институтун, 1990–жылы Саратов жогорку партиялык мектебин бүтүргөн. Эне тилинен тышкары орус, өзбек тилдерин билет.

Ал 1978–жылы Ош шаарындагы "Ошстрой" трестинде инженер болуп эмгек жолун баштаган. 1979–1985–жылдары Жалал –Абад курулуш–монтаждоо башкармасында мастер, улуу прораб болуп иштеп, партиянын Кара–Суу райкомунун инструкторлугуна которулган.

Бир катар жылдар Таш–Көмүр шаардык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, биринчи орун басары, Ош шаардык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, Ош шаардык Кеңешинин төрагасынын орун басары, Ош шаардык мамлекеттик администрация башчысынын орун басары, Ош облустук газ чарба башкармасынын начальниги, Ош шаардык мамлекеттик администрация башчысынын биринчи орун басары болуп иштеген.

1997–жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясынын инспектору болуп которулуп, андан соң администрациянын мамлекеттик кызмат жана уюштуруу иштер бөлүмүнүн башчысынын орун басары, Бишкек шаарындагы Октябрь райондук мамлекеттик администрация башчысы, Ош шаардык мамлекеттик администрация башчысы болуп, 2000–жылы Ысык–Көл облусунун губернаторлугуна дайындалган. Көлдө бир жыл беш ай гана иштесе да, токтоо мүнөзү, бийик адамгерчилиги, уюштуруучулук жана чарбакерлик өзгөчө сапаттары менен элдин урмат–сыйына жетишкен.

2002–2005–жылдары Жалал–Абад облусу -нун губернатору болуп иштеп, дипломатиялык кызматка өткөн. Кыргызстандын Сауд Аравиясындагы, бир эле мезгилде Кувейттеги, Египет Араб Республикасындагы жана Катар мамлекетиндеги ыйгарымдуу элчиси болуп, өлкөбүздүн тышкы байланыштарын чыңдоого олуттуу салымын кошкон. 2014–жылдын март айынан тарта – Кыргыз Республикасынын Кувейттеги ыйгарымдуу элчиси.

Ж.Ш.Шариповго 2008–жылы "Кыргыз Республикасынын Толук жана Ыйгарым укуктуу элчиси" рангы берилген. 2009–жылы Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер болгон. Анын эл үчүн сиңирген эмгеги жогору бааланып, эл аралык Георгиев медалы, "Даңк" медалы менен сыйланган.

Көңүлгө кыйын кирмеги,
Киргенде кыят ким деги ?!
Көл элин салып кейишке,
Аз иштеп калды бир жери.

Эр жигит деген эмине,
Жаңы дем кошуп демине.
Бир жылдан жаңы өткөндө,
Кайрылып кетти элине.

Кыялы кымбат салт эле,
Төгүлүп турган март эле.
Бүксүгөн ишти жактырбай,
Бүтөрүн айтчу шарт эле.

Милдетпи, же бир сыйбы аган,
Көңүлгө түшүп кыйбаган.
Элчилик кылып эки элге,
Арабда жүрөт кыйладан.



**АНАПИЯЕВ**
**Эмилбек Абылович**

1967–жылы Ак–Суу районундагы Жолголот айылында туулган. Ленинград шаарындагы так механика жана оптика институтун инженер–механик адистигинде аяктаган.

Ал эмгек жолун 1990–жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясында илимий инженер болуп баштаган. 1995–2000–жылдары “МВОД” акционердик коомунун президенти, 2001–жылдан тарта Кыргыз Республикасынын тышкы соода жана өнөр жай министринин орун басары болуп иштеп, 2002–жылдын 11–апрелинде Ысык–Көл облусунун губернатору болуп дайындалган.

Облусту жетектеп турган кезинде ал туризм тармагын өнүктүрүүгө, элиталык туризмди колго алып, жогорку класстагы комплекстерди курууга, мергенчилик коом-

дорун тартипке салып, Ысык–Көлдүн жаратылыш жана балык байлыктарын коргоого, улуттар ортосундагы ынтымакты бекемдөөгө өзгөчө көңүл бөлгөн. Тоо кен өндүрүш тармагына кеңири аралашып, айыл чарба, кайра иштетүү проблемаларын өздөштүрүүгө аракеттенген.

2003–жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык–Көл облусундагы туризм тармагын өнүктүрүү боюнча өкүлү кызматына которулган.



## ШАЙЛИЕВА Токон Асановна

1940–жылы Ак–Суу районундагы Боз–Булуң айылында колхозчунун үй–бүлөсүндө туулган. 1962–жылы Фрунзедеги айыл чарба техникумун, 1974–жылы Самарканд кооперативдик институтун бүтүргөн.

Ал 13 жашынан колхоздогу убактылуу жумуштарда иштей баштаган. 1960 – жылдан тарта Кант автобазасында, “Ысык – Ата” ресторанында жумушчу, Канттагы кант заводунда лаборант, Кант райондук даярдоо конторасында тери кабыл алуучу, склад башчысы, даярдоо конторасынын директору, “Кант”, “Каныкей” акционердик коомдорунун президенти болгон.

Бара–бара саясатка аралашып, 1990–жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 12 – чакырылышынын депутаты, 1996–жылы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты болуп шайланган. 2000–жылы Жогорку Кеңештин

палаталарын материалдык–техникалык жана финансылык жактан камсыздоо департаменти -нин директору болуп дайындалган. Бирок, жыл айланган соң Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны ага ишеним көрсөтпөө чечимин чыгарып, ал Бишкек шаарындагы Биринчи Май райондук мамлекеттик администрация башчысы кызматына отурган. 2003 – жылдын декабрь айында Ысык – Көл облусунун губернатору болуп дайындалып, бул жерде 2005 – жылдын 28 – мартына – Президент А.Акаевдин бийлиги кулаганга чейин иштеген.

Т.А.Шайлиева мурдагы губернаторлордон ишке тактыгы, жыйындарын кыска өткөргөндүгү, тиешелүү жетекчилер менен эл арасында тез – тез болуп, көпчүлүктүн көйгөйүн жеринде чечип койгону аркылуу айырмаланган. Ага чейин облустук бир катар башкармалар өздөрүнүн министрликтерине карап, губернаторго анча тоготпостук менен мамиле кылып келишкен болчу. Токон Асановна келери менен Президент аркылуу “пилоттук облус” деген чечим чыгартып алып, мындай жетекчилерди министрине жеткирбей эле тартипке салып койгонго үлгүргөн. Облмамадминистрациясынын таасири артып, уюштуруу, чарбачылык маселелерин ыкчам чечүүгө өбөлгө түзүлгөн.

Ал Кыргызстан аялдарынын Демократиялык партиясынын лидери. Үч медаль, Бишкек шаарын социалдык–экономикалык жактан өнүктүрүүгө кошкон чоң салымы жана баш калаада өткөн глобалдуу Тоо саммитин даярдоого активдүү катышкандыгы үчүн 2003–жылы 3-даражадагы “Манас” ордени менен сыйланган.



## МОЛДОТАШЕВ
### Ишенбай Курманович

2005-жылы Ысык–Көл облусунун губернаторунун милдетин аткаруучу болуп дайындалып, бул орунда 23 гана күн отурган. Медицина илимдеринин доктору, профессор, 200дөн ашуун илимий макалалардын автору.

Ал 1953–жылы Ак–Суу районундагы Кайырма–Арык айылында туулган. 1975–жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтун аяктап, эмгек жолун институттун проблемалык лабораториясында кенже илимий кызматкер болуп баштаган. 1978–жылдан тарта кардиология илим изилдөө институтунун улуу илимий кызматкери, эпидемиология жана жүрөктүн ишемикалык оорулары секторунун башчысы, кардиология жана терапия Улуттук борборунун жүрөктүн кайталанма жетишсиздиги бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

2000–жылы Каракол шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттыгына шайланып, жыйындын ден соолукту коргоо боюнча подкомитетинин төрагасы, "Кыргызстандын региондору" депутаттык тобунун төрагасы, 2003–жылдан тарта "Он ордо–Кыргызстандын региондору" депутаттык тобунун теңтөрагасы болгон. 2005–жылдын 25–мартында Ысык–Көл облусунун губернаторунун милдетин аткаруучу болуп дайындалган. Бирок, аз иштеп калганына байланыштуу, облус жетекчиси катары алдына койгон пландарын аткарууга мүмкүнчүлүгү

болгон эмес.

Ал Ленин комсомолу сыйлыгынын, илим жана техника жагынан Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.



### ӨМҮРАЛИЕВ
### Эсенгул Касымович

1950–жылы Тоң районундагы Тоң айылында туулган. Кыргыз Республикасынын инженердик академиясынын жана эл аралык кадрлар академиясынын академиги. "Кыргыз Республикасынын Толук жана Ыйгарым укуктуу элчиси" рангына ээ.

Ал 1973–жылы Фрунзедеги политехникалык институтун, 1990–жылы СССР Министрлер Советине караштуу Эл чарба академиясынын квалификацияны жогорулатуу институтун бүтүргөн.

Эмгек жолун Фрунзе шаарындагы ВНИИЭМдин филиалында кенже илимий кызматкер болуп баштаган. 1976–жылдан тарта электротехникалык заводдордун Ысык–Көл өндүрүштүк бирикмесинде бөлүм башчы, башкы конструктор, башкы директордун орун басары, 1982–жылдан СССР Электротехөнөржай министрлигинин Пржевальск электро -техникалык заводунун директору, электротехникалык заводдордун Ысык–Көл өндүрүштүк бирикмесинин башкы директору болгон.

Жогорку кызматтагы ишмердигин 1991–жылы Кыргыз Республикасынын өнөр жай

министри катары баштаган. 1992–1994–жылдары вице–премьер–министр, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк Фондунун төрагасы, 1994–1996–жылдары экономика министринин биринчи орун басары–монополияга каршы саясат агенттигинин директору, 1996–1998–жылдары Кыргыз Республикасынын Беларусь Республикасындагы, бир эле мезгилде Польшадагы, Латвиядагы, Литвадагы ыйгарымдуу элчиси, Шериктеш өлкөлөрдүн уставдык органдарындагы туруктуу өкүлү болуп иштеген.

1998–жылдан тарта Кыргыз Республикасынын вице–премьер–министри, тышкы соода жана өнөр жай министри, Кыргыз Республикасынын Украинадагы ыйгарымдуу элчиси болуп иштеп, Кыргыз Республикасынын Бүткүл дүйнөлүк Соода уюмуна кириши боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн Кыргыз Өкмөтүнүн Ведомстволор аралык Комиссиясын жетектеген. 2005–жылы Ысык–Көл облусунун губернатору болуп дайындалган.

"–Мен кыйкырышып иштешкенди жакшы көрбөйм,-деди жетекчилерди адеп кабыл алганда эле. Практикамда андай болгон эмес. Сиздер да ага жеткирбей так иштеңиздер.

Бир жумадан кийин кирсин дептир.

-Караколдо АнтенТВ деген телеңер бар экен. Интервью алсак деп атышыптыр. Чогуу барып келесизби? – деп калды.

Эсенгул Касымович студиянын төркү бөлмөсүнө өтүп, мен кыйгачыраак жерде карап отурдум. Алып баруучу кыз тыкылдап эле суроо берип атат.

-Ачууңуз кайсы маалда келет?–деп калды аяк ченинде.

-Ачуум келбейт.

-Кантип эле, ар кандай жагдай болот эмеспи?

-Андай учурда да өзүмдү кармап, ачууну келтирбей өткөрүп ийем.

Чогуу иштеген мезгилде губернатор бул сөздөрүн туура айтканына ынандым. Кыйла кызматтарда иштеп, чоң тажрыйба топтоп, такшалып бүткөндүктөн, эл чарбасынын кайсы тармагы болбосун "жатка" билчү. Кирген маселени шашпай угуп, таразалап, кеп –кеңешин берип чыгарчу. Айта турганы көкүрөгүндө даяр болгондуктан, бир да жолу сөзүн жаздырып убара кылган жок. Басма сөзгө маани берип, гезиттин жаңы сандары, анда көтөрүлгөн маселелер тууралу ой–пикирин айтып турчу.

Түздүгүнө, калыстыгына, салмактуу жүргөнүнө карабай, аны да көрө албагандар чыкты. Убагында Айтматовго асылган чала сабаттар да болгон эмеспи. Ошондо досторунун бири: "Чыке, тигилерге жооп берип койбойсуңбу?" десе, ал айткан тура "убактым жок" деп. Ансыгандай, тигиндей чала сабаттарга жооп бергенге Эсенгул Касымович да убактысын короткон жок.

Ал кызматынан түшөргө бир нече күн калганда Президент К.Бакиев облуска иш сапары менен келди. Кичи залга региондун активин чогултуп, жетекчилер кыскача отчет беришти. Акимдер, мэрлер тыкылдап эле болгон иштерин айтып атса, Эсенгул Касымович сөзүнөн улам мүдүрүлүп, оюнан адашып туруп алды. Мурда аны мындай абалда көргөн эмес элек. Кийин республикалык теледен чыгып, кызматтан кетүү

себебин айтканда түшүнүп жүрбөйбүзбү. Көрсө ошол келишинде Бакиев ага Чолпон–Ата туштан казактарга 50 гектар жер бересиң деп, губернатор макул болбогон соң, жыйынга кирер алдында анын иштен кетерин айткан экен". **("Толкундар жээкке келишет". 162,163,164-б.)**

Э.К.Өмүралиев 2011–жылдан тарта Кыргыз Республикасынын Өнөр жай министрлигинин коомдук Байкоочулар кеңеши -нин мүчөсү, Кыргыз Өкмөтүнүн аппаратынын жетекчисинин орун басарынын рангында Өкмөттүн Жогорку Кеңештеги туруктуу өкүлү, Кыргыз Республикасынын Премьер–министри-нин кеңешчиси болуп иштеген. Өзүнүн өмүрү жана ишмердик жолу туурасында "Памятные записки" аттуу китебинде ("Киев – Кишинэу", 2004–жыл) кеңири баяндаган. Азыр–Кыргыз Республикасынын Казакстандагы ыйгарымдуу элчиси.

Тармакты кайсы алсак да,
Тактаган ишин маш болуп.
Элчилик кылып жүргөндө,
Элине келген баш болуп.

Көтөрбөй үнүн биреөгө,
Көңүлгө жакпас түр менен.
Айкөлдүк кылып жүрчү эле,
Салмактуу, токтоо сүр менен.

Калкына кылган эмгектен,
Ишмердин жөнү иргелет.
Журт үчүн жанган жылдыздар,
Жүз жылда барып бир келет.

Адамдык улуу касиет,
Арбынын сезип балкыдым.
Асылдар калат тарыхта,
Абийири болуп калкынын.



## ИСАЕВ
## Кыдыкбек Шайдинович

1960–жылы Тоң районунун Бөкөнбаев айылында туулган. 1984–жылы Фрунзедеги политехникалык институтун, 1997–жылы Кыргыз Улуттук мамлекеттик университетин бүтүргөн.

Эмгек жолун 1977–жылы Ысык–Көл районундагы “Первое Мая” колхозунда колхозчу болуп баштаган. 1984–жылдан тарта Балыкчыдагы дан продуктылар комбинатында ширетүүчү–механик, мастер, комбинаттын жем чыгаруу заводунун начальнигинин орун басары, 1996–жылдан тарта “Ысык–Көл Дан–Азык” акционердик коомунун башкармасынын төрагасы болуп иштеген.

Ошол жерде иштеп туруп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынына депутат болуп шайланган. 2000–жылы Эл өкүлдөр жыйынына кайрадан депутат болуп, жыйындын эл аралык, тышкы экономикалык маселелер жана парламенттер аралык байланыштар комитетинин төрагасынын милдеттерин аткарган.

2005–жылы “Кыргыз темир жолу” Улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын башкы директору болуп, 2006–жылдын 24–ноябрынан 2010–жылдын 7–апрелине–элдик революция болгонго чейин Ысык–Көл

облусунун губернатору болуп иштеген.

2010–жылдын май айында республиканын Башкы прокуратурасы тарабынан губернатор болуп иштеп турган кезинде ал Ысык–Көл районунун Кара–Ой, Кумбел айыл округдарынын жана Чолпон–Ата шаар башкаруусунун өзгөчө коруудагы аймактарынан жер участкаларын “Сансет”, “Терра Нова”, “Сан Вэй”, “Инвест Трест” жана “Центр современных кровельных материалов” деген ОсОО ишканаларына төмөндөтүлгөн баада мыйзамсыз саткан деген айып тагылып, издөө жарыяланган.



## АСАНАКУНОВ
## Мирбек Аскерович

1964–жылы Ысык–Көл районундагы Темир айылында туулган. Кыргыз мамлекеттик университетинин механика–математикалык, андан соң юридикалык факультеттерин бүтүргөн. Милициянын майору.

Эмгек жолун Кыргыз мамлекеттик техника -лык университетинде окутуучу болуп баштаган. Улуттук илимдер Академиясында илимий кызматкер болуп, ички иштер кызматына өткөн. Бишкек шаардык ички иштер башкарма -сынын бөлүмүн жетектеген. 1996–жылдан курулуш тармагында жеке ишкерчилик кылып, СДПК партиясынын Саясий кеңешинин Ысык–Көл облусу боюнча мүчөсү болгон.

2009–жылы СДПК партиясынын тизмеси боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына өтүп, эл аралык иштер жана парламенттер аралык байланыш

комитетинин мүчөсү катары иштеген.

2010–жылдын апрелинен 2011–жылдын 20–январына чейин Ысык–Көл облусунун губернаторунун милдетин аткарып, Бишкек эркин экономикалык зонасынын директору болуп дайындалган. 2011–жылдын 4–августунан тарта кайрадан Ысык–Көл облусунун губернаторунун милдетин аткарып, губернатор болуп бекитилген. 2012–жылдын 16–августунан 2013–жылдын июнь айына чейин Кыргыз Өкмөтүнүн Ысык–Көл облусу боюнча ыйгарымдуу өкүлү болгон.

### АБДЫЛДАЕВ
### Нурдин Туратбекович



1965–жылы Фрунзе шаарында туулган. 2000–жылы финансы жана салык саясаты адистиги боюнча финансы–экономикалык академиясын, 2005–жылы Тышкы иштер министрлигинин дипломатиялык академиясын бүтүргөн.

Эмгек жолун 1988–жылы республиканын Мамстаткомунун эсептөө борборунда ЭВМ оператору болуп баштаган. Өндүрүш жана нефть продуктыларын алып келүү боюнча ишкерчилик кылып, 1999–жылы "Генрих Глайзер" компаниясынын өкүлчүлүгүнүн башчысынын орун басарлыгына дайындалган.

2000–жылы "Интергласс" ОсООсунун (Токмок айнек заводу) башкы директору болуп, кыска мезгилде эле анын жетекчилиги менен өндүрүштүк линияларын толук реконстукциялоого жетишилген. Завод 2002–жылдан тарта иштей баштаган.

Н.Т.Абдылдаев Токмок шаарынын коомдук турмушуна активдүү катышып, калааны өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгууга, анын социалдык–экономикалык жактан өнүгүшүнө чоң салымын кошкон.

2005–жылы Токмок шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаты болуп шайланып, эл аралык саясат комитетин жетектеген. 2007–жылдан тарта республиканын өнөр жай, энергетика жана отун ресурстары министрининин орун басары болуп иштеп, 2011–жылдын 20–январында Ысык–Көл облусунун губернаторлугуна дайындалган.

Бирок, анын Ысык–Көлдөгү ишмердиги көпкө созулган эмес. Жаштыгына карабай милдеттерин аткарууга башоту менен кирип, бир катар маселелерди көтөрүп, демилгелүү аракеттенип жатканда 2011–жылдын август айында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк министринин орун басары кылып которушкан. 2014–жылдын май айында өзгөчө кырдаалдар министринин орун басары болуп дайындалган.



**МАМЫТОВ**
***Токон Болотбекович***

1953–жылы Балыкчы шаарында туулган. 2–класстагы Мамлекеттик кеңешчи. Генерал – лейтенант.

Ал 1979–жылы Пржевальск педагогикалык институтун, 1981–жылы СССР КГБсынын жогорку курсун,

1987–жылы СССР КГБсынын Андропов атындагы Кызыл туулуу институтун бүтүргөн. 1972–1974–жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп келгенден кийин Ысык –Көл ПМКсында ширетүүчү, Пржевальск шаардык билим берүү бөлүмүндө усулчу болуп иштеген.

1980–1981–жылдары СССР КГБсынын курсунда (Минск ш., Белоруссия) угуучу болуп, 1981–жылдан тарта Мамлекеттик коопсуздук кызматынын Ысык–Көл облустук башкармасында оперкызматкер, ага оперкызматкер, бөлүмчөнүн начальниги, Улуттук коопсуздук кызматынын Кочкор райондук бөлүмчөсүнүн начальниги, КР Улуттук коопсуздук кызматында, Улуттук коопсуздук министрлигинде бөлүмдүн начальнигинин орун басары, начальниги, башкарманын начальниги болуп иштеген.

1997–жылы анын профессионалдык жогорку деңгээли, ишке жоопкерчиликтүү мамилеси, уюштуруучулук жөндөмү эске алынып, КР улуттук коопсуздук министринин орун басары, башкарманын начальниги болуп дайындалган. 2002–жылдан тарта КР коргоо министринин орун басары, КР Улуттук коопсуздук кызматынын төрагасынын биринчи орун басары, КР Президентинин канцеляриясынын начальниги, Президенттин Администрация башчысынын орун басары–канцеляриянын начальниги, 2007–жылы КР коопсуздук Советинин катчысы, 2008–жылы КР Президентинин Мамлекеттик кеңешчиси

болгон.

2009–жылдан тарта Кыргызстандын Чек ара кызматынын төрагасы, Жогорку Кеңештин 5-чакырылышынын депутаты, Жогорку Кеңештин коргонуу жана коопсуздук боюнча комитетинин төрагасы, КР Мамлекеттик Чек ара кызматынын төрагасы, 2013–жылдын июнь айында бир нече күн Кыргыз Өкмөтүнүн Ысык–Көл облусундагы өкүлү, 2013–жылдын 20–июнунан 2014–жылдын 4–апрелине чейин Кыргыз Республикасынын коопсуздук, укук тартиби жана чек ара маселелери боюнча вице–премьер–министри болгон. Учурда– "Кыргызалтын" мамлекеттик концернинин төрагасы.



**КАПТАГАЕВ**
**Эмилбек Саламатович**

1957–жылы Ысык–Көл районунун Чоктал айылында мугалимдин үй–бүлөсүндө туулган. Мамлекеттик жана коомдук ишмер, 3–класстагы Мамлекеттик кеңешчи (2002), физика–математика илимдеринин кандидаты (1990).

Ал 1980–жылы Кыргыз мамлекеттик университетин аяктап, эмгек жолун Кыргыз ССР илимдер Академиясынын физика-математика институтунда инженер, кенже илимий кызматкер болуп баштаган. 1987–1994–жылдары Бишкек шаарындагы эл депутаттарынын Ленин райондук Советинин эки жолку чакырылышына депутат болуп

шайланган.

1989–1990–жылдары Кыргыз Республикасынын илимдер Академиясынын комсомолдук–жаштар уюмунун жетекчиси, 1989–жылы өз демилгелүү "Ашар" коомунун Биринчи (уюштуруу) курултайынын төрагасы, 1991–жылы жаштар иштери боюнча Мамлекеттик Комиссиянын башкы адиси, ККП Борбордук Комитетинин 2–катчысынын жардамчысы болгон.

Э.С.Каптагаев 1991–1992–жылдары Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Контракттык комитетинин бөлүмүнүн начальниги, 1992–1993 - жылдары Кыргыз Республикасынын соода жана материалдык ресурстар министринин кеңешчиси болуп иштеген. 1992–жылы "Реформа-XXI" Инновациялык фондун түзүү демилгесин көтөрүп, 1995–жылга чейин бул фондго жетекчилик кылган.

1993–жылдан тарта Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын социалдык–саясий анализ жана прогноздоо бөлүмүнүн башчысы, Кыргыз Республикасынын Премьер–министринин кеңешчиси болуп иштеп, 1994–жылы Кыргызстан элдеринин Биринчи Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча топту жетектеген.

1995–жылы Өкмөттүн алкоголдук продукцияларды чыгарууну жөнгө салуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу маселелерине жетекчилик кылып, 1996–1999–жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы дин иштери боюнча Мамлекеттик комиссиянын төрагасы болгон.

1999-жылдын август айында Ысык-

Көл облусунун губернаторунун биринчи орун басары, 2002-жылдын декабрында Жети-Өгүз районунун акими болуп дайындалып, 2004-жылдын август айына чейин үзүрлүү эмгектенген.

2004-2006-жылдары коомдук жана саясий иштерде болуп, "Улуу Биримдик" улутчул-демократиялык партиясын негиздеген.

2006-2007-жылдары Ысык-Көл биосфера аймагынын генералдык директору, айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарба Агенттигинин коллегия мүчөсү болуп иштеген.

Эмилбек Саламатовичтин кийинки ишмердик жолун карасак - 2008-жылдын 24-декабрынан Кыргыз Республикасынын "Бириккен Элдик Кыймылынын" саясий бюросунун мүчөсү, анын Секретариатынын жетекчиси, 2010-жылдын 7-апрелинин Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн Аппаратынын, андан соң Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жетекчиси, 2012-жылдын декабрь айынан Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси.

2013–жылдын июль айында Кыргыз Өкмөтүнүн Ысык–Көл облусундагы ыйгарымдуу өкүлү болуп дайындалган. Турмуштун казанында кайнап, республикадагы экинчи кишинин деңгээлине чейинки кызмат тепкичтерин басып өткөндүктөн көз караштары, көкүрөк дүйнөсү кенен, чоң тажрыйбага ээ. Элдин ынтымагын, биримдигин чыңдап, Ысык–Көлдүн айтылуу жети Акесинин таалим –тарбиясын арттырууга болгон аракетин жасап келет. Кумтөр алтын кениндеги региондун үлүшүн көбөйтүп, облустун эконо-

шайланган.

1989–1990–жылдары Кыргыз Республикасынын илимдер Академиясынын комсомолдук–жаштар уюмунун жетекчиси, 1989–жылы өз демилгелүү “Ашар” коомунун Биринчи (уюштуруу) курултайынын төрагасы, 1991–жылы жаштар иштери боюнча Мамлекеттик Комиссиянын башкы адиси, ККП Борбордук Комитетинин 2–катчысынын жардамчысы болгон.

Э.С.Каптагаев 1991–1992–жылдары Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Контракттык комитетинин бөлүмүнүн начальниги, 1992–1993 - жылдары Кыргыз Республикасынын соода жана материалдык ресурстар министринин кеңешчиси болуп иштеген. 1992–жылы “Реформа-XXI” Инновациялык фондун түзүү демилгесин көтөрүп, 1995–жылга чейин бул фондго жетекчилик кылган.

1993–жылдан тарта Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын социалдык–саясий анализ жана прогноздоо бөлүмүнүн башчысы, Кыргыз Республикасынын Премьер–министринин кеңешчиси болуп иштеп, 1994–жылы Кыргызстан элдеринин Биринчи Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча топту жетектеген.

1995–жылы Өкмөттүн алкоголдук продукцияларды чыгарууну жөнгө салуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу маселелерине жетекчилик кылып, 1996–1999–жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы дин иштери боюнча Мамлекеттик комиссиянын төрагасы болгон.

1999-жылдын август айында Ысык-

Көл облусунун губернаторунун биринчи орун басары, 2002-жылдын декабрында Жети-Өгүз районунун акими болуп дайындалып, 2004-жылдын август айына чейин үзүрлүү эмгектенген.

2004-2006-жылдары коомдук жана саясий иштерде болуп, "Улуу Биримдик" улутчул-демократиялык партиясын негиздеген.

2006-2007-жылдары Ысык-Көл биосфера аймагынын генералдык директору, айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарба Агенттигинин коллегия мүчөсү болуп иштеген.

Эмилбек Саламатовичтин кийинки ишмердик жолун карасак - 2008-жылдын 24-декабрынан Кыргыз Республикасынын "Бириккен Элдик Кыймылынын" саясий бюросунун мүчөсү, анын Секретариатынын жетекчиси, 2010-жылдын 7-апрелинин Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн Аппаратынын, андан соң Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жетекчиси, 2012-жылдын декабрь айынан Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси.

2013–жылдын июль айында Кыргыз Өкмөтүнүн Ысык–Көл облусундагы ыйгарымдуу өкүлү болуп дайындалган. Турмуштун казанында кайнап, республикадагы экинчи кишинин деңгээлине чейинки кызмат тепкичтерин басып өткөндүктөн көз караштары, көкүрөк дүйнөсү кенен, чоң тажрыйбага ээ. Элдин ынтымагын, биримдигин чыңдап, Ысык–Көлдүн айтылуу жети Акесинин таалим –тарбиясын арттырууга болгон аракетин жасап келет. Кумтөр алтын кениндеги региондун үлүшүн көбөйтүп, облустун эконо-

микасын көтөрүү, социалдык проблемаларын чечүү анын ишинин негизги багыттарын түзүүдө. Экономикалык бизнес форум, Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюну фестивалы сыяктуу эл аралык иш чаралардын жогорку деңгээлде өткөрүлүшү да облус жетекчиси катары ага чоң аброй алып келүүгө тийиш.

Эл үчүн сиңирген эмгеги татыктуу бааланып, "Манас" ордени (2011), Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы (1995), "Манас–1000" юбилейлик эстелик медалы (1995), Кыргызстандын мамлекеттик көз карандысыздыгынын 10 жылдыгына карата юбилейлик төш белгиси (2001), Ысык–Көл облустук мамлекеттик администрациясынын жана облустук Кеңештин Ардак грамотасы (2002) менен сыйланган. Ысык-Көл облусунун, Ысык-Көл жана Жети-Өгүз райондорунун Ардактуу атуулу.

# СОҢКУ СӨЗ

Ошентип, облустун оош – кыйыштуу турмушунун 75 жылы артта калды. Алдыда баш – аягы көрүнбөгөн учу – кыйырсыз жол жатат. Байгамбарлык кылып, алдын – ала болжол таштоо кыйын. Антсе да, келечек күндөргө үмүт бере турган үч жагдайды белгилесек дейм, алар – ишеним, элибиздин ынтымак–биримдиги жана майнаптуу эмгек.

Биз башында айткандай, калкыбыздын кылымдардан берки тилеги ишке ашып, минтип эгемен эл болдук. Асмандан кут түшкөндөй эле болду. Айрым бир элдер ондогон, атүгүл жүздөгөн жылдар кырылышып, жете албай жүргөн "керемет дүйнөгө" тагдырдын буйругу менен кирип келдик. Кырылышмак түгүл, бир да ок чыгарган жокпуз. Бул бекер эмес го! Манас атабыздын руху колдоп, Теңирим өзү жолубузду ачып жаткан болбосун!

Кантсе да, бир улуу күч колтуктан жөлөп, ушул күндөргө эсен – соо жеткирип, эми келечек тарапка багыт берип жаткандай туюла берет. Демек, элибиздин эртеңине ишеним бар. Кыргызбайлык жалкоолукту таштап, кээде боло калчу көралбастык, саткындык, анан тээ "элита" дегендердин ичиндеги бирдеңке жыттанса эле мурунду тыгып, башы менен кирип кеткен пайдакечтик адаттан арылсак, жанагы "коррупция" деген балээден алыстасак эле оңолгон турабыз. Албетте, ага ондогон жылдар керек. Кан – жанга сиңип, жүрөк – жүлүнгө чейин тамырлап кеткен оорудан арылуу оңой иш эмес.

Ысык–Көл–кыргыз көлү шарпылдаган,
Көркүнө көктөн башка тартынбаган.
Замандар кербенчидей чубап өтүп,
Чарчаса саясында салкындаган.

Ысык – Көл - күрдөөлдүү көл күрпүлдөгөн,
Көркүнө көктөн башка сүртүнбөгөн.
Көк түсү таалай көркү, ырыс көркү,
Толкуса толкундары түркүмдөгөн –

дейт Алыкул акын дагы бир ырында. **(“Көл толкуну”. Бишкек, 2010–ж.,127-б.)** Кандай таамай, кандай элестүү берген! Көл бирде тынчыйт, бирде бууракандап, толкундары көтөрүлөт. Табияты ошондой, түбөлүк кыймыл -да. Бирок, көлдүн эли – сабырдуу эл. Кандай кыйчалыш учур болсо да акылдан адашып, жосунсуз ишке барган эмес. Өткөн жолку Саруунун чуусуна да тыштан келип, көкүткөндөр кедерги болбодубу. Бул көпчүлүккө дайын болду да.

Элибизде ынтымак, биримдик болгону үчүн ушул кут түшкөн жерге ээ болуп, мекендеп келатабыз. Ысык – Көлдүн айтылуу жети Акеси да ынтымак – ырашкерчиликке чоң маани берген. Мойт Аке:

Ырыс алды ынтымак,
Ынтымагы бар элдин,
Айсыз кара түндө да,
Асманында күн турат.
Ынтымагы жок элдин,
Балдары иттей ыркырап,
Ачык жарык күндө да,
Асманында түн турат -

деп бекеринен айткан эмес да.

Облуста баш жетекчибиз Э.Каптагаевдин түздөн–түз демилгеси менен “Ынтымак ордо”

коомдук фонду түзүлүп, жетекчилери дайындалып, улуу – кичүү менен кеңешип – кептешип иш алып барып жатат. 2013 – жылдын август айында өткөрүлгөн Ынтымак форуму кийинки таптагы иш чаралардын маанилүүсү болуп калды. Ага Жогорку Кеңештин азыркы жана мурдагы депутаттары, мамлекеттик башкаруу органдарында мурда иштеген жана азыр иштеп жатышкан көрүнүктүү адамдар, илим менен билимдин, адабият менен маданияттын ишмерлери, аксакалдар катышып, ушул ынтымак жаатындагы өздөрүн толгонууга салган көйгөйлүү маселелерди айтышкан болчу. Жыйынтыгында Ысык – Көл аймагынын Ынтымак форумунун Резолюциясы жана форумдун катышуучуларынын жалпы кыргыз журтчулугуна үндөөсү кабыл алынган.

Эми акырында, азыр коомдук түзүлүш башка нукка түшкөнүнө байланыштуу өндүрүш -түк иштердин формасы өзгөрдү - дыйкан, фермер чарбалары, айыл чарба кооперативдери, бирикмелери пайда болду, өнөр жай өндүрүшүндө компания, корпорация, акционер -дик коом, жоопкерчилиги чектелген коом, чакан жана орто бизнес дегендер ж.б. чыкты. Кечээ эле булар жөнүндө ойлогон эмес элек. Көнөт экенсиң.

Бирок, минтип миң түрлөнткөн менен– эмгектин мазмуну баягы эле. Иштесең– тиштейсиң, эл катары оокат кыласың, үй– бүлөңдү, ата–энеңди багып, башкаларга жарыгыңды тийгизесиң. Кечке эле Мекендин мойнуна минип алып, эки бутту салактата берүүгө болбойт. Мекен бизге эмне бергенин эмес, биз Мекенге эмне бергенибизди ойлоп жашайлы. Кара жанды ким болсо да багат.

Энебиздей өз боорунда эркелетип өстүргөн, торолтуп, турмуштун кенен жолуна салган жергебизге жөлөк бололу, чайналышып ара жолдо турган өлкөбүздүн, майнаптуу маарекесин белгилеп отурган облусубуздун келечегин тилейли!

Калкыбыздын кадырман карыясы, элдик академик Хусейин Карасаев мына ушул жагдайда төмөнкүдөй бата берген эмеспи:

Мал болсун,
Баш болсун,
Берекелүү аш болсун,
Узун өмүр жаш болсун.
Бак карасын,
Кыдыр даарысын.
Эл ичи тынч болсун,
Эмгек кайнап турсун,
Береке жайнап турсун!

## Пайдаланылган адабияттар


1. А.Осмонов. «Көл толкуну». Бишкек, «Бийиктик», 2010-ж.
2. А.Эгембердиев. «Толкундар жээкке келишет». Бишкек, «Турар», 2013-ж.
3. Кыргыз Республикасынын саясий документтер мамлекеттик архивинин материалдары. ЦГАПД КР. Ф 56, ОП. 293. Д. 228. ЛЛ 3-10.
4. Э.Өмүралиев. «Памятные записки». «Киев-Кишинэу», 2004 г.
5. «Кумтөралтын» Кыргызстандын эң ири инвестициялык долбоору. Бишкек, «КОК», 2006-ж.
6. «Ак бата». Түз. К.Жусупов, Ч.Өмүралиев. Бишкек, «Бийиктик», 2003-ж.
7. Ж.Сааданбеков. «Менин өмүрүм». Бишкек, 2010-ж.
8. Э.Каптагаев. «Жети Аке таалими - өнүгүүнүн өзөгү». Каракол, «Карга Аке» басма үйү, 2014-ж.
9. Ысык-Көл облустук статистика башкармасы. 2013-жылдын январь-декабрь айларына карата социалдык-экономикалык абал. Каракол, 2014-ж.

# МАЗМУНУ

Өткөн күн өбөлгөлөрү............................ 3-5

Жаңы турмуштун таңында.................... 6-17

Каар жылдар.......................................... 18-24

Жолду баскан арбытат.......................... 25-43

Партиянын обкомунун биринчи катчылары ............................................... 44-68

Эгемендик келгенде............................. 69-79

Ысык–Көл–кыргыз бермети ................. 80-88

Эгемендик жылдарындагы облустун губернаторлору ................................... 89-113

Соңку сөз................................................ 114-117

**Абдыжапар ЭГЕМБЕРДИЕВ**

"ЫСЫК – КӨЛ ОБЛУСУ: ИНСАН ЖАНА МЕЗГИЛ"

(Саясий - публицистикалык очерк)

-Каракол: "Карга Аке" басма үйү.2014 – ж., -120 б.

**Редактору** **Т.БЕКБАЕВ**
**Тех. редактору** **Ч.АТАНАЕВА**
**Корректору** **Н.ЖАБОРОВА**
**Компьютерде калыпка салган** **А.БЕКБАЕВ**

**Басууга 31.10.2014. кол коюлду. Форматы А-4.**
**Офсет кагазы. Нускасы 1000. Заказ № 480**

**"Карга Аке" басма үйүндө даярдалды жана ЖЧК "Дархан фирмасынын" басмаканасында басылды.**
**722200. Каракол шаары, Токтогул көчөсү, 104.**
**Тел.: (03922) 5 – 23 – 08. 0553 231561.**



**ЭГЕМБЕРДИЕВ**
**Абдыжапар Бекбосунович**

1951-жылы 15-августта Түп районунун Токтоян айылында туулган. Кыргыз Улуттук университетинин филология факультетин, Ташкент саясат жана башкаруу институтунун журналистика бөлүмүн бүтүргөн.

Эмгек жолун мугалимдиктен баштап, партиянын райкомдорунда, обкомдорунда жооптуу кызматтарда иштеген. Райондук, облустук жана республикалык гезиттердин башкы редактору болуп, облус губернаторунун басма сөз борборун жетектеген. Учурда облустук «Ысык–Көл кабарлары» гезитинин башкы редактору, Улуттук Жазуучулар союзунун облустук бөлүмүнүн төрагасы.

Буга чейин поэтикалык жана публицистикалык жети китеби жарык көргөн. Ырлары орус, өзбек, түрк, казак, каракалпак тилдерине которулуп, айрым ырларына обондор чыгарылган. СССР Жазуучулар жана Журналисттер союздарынын мүчөсү. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, «Манас – 1000» эстелик медалы менен сыйланган. «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» ардак наамы, «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгиси ыйгарылган. Эл аралык Поэзия Академиясынын академиги, Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыктын, Россиянын эл аралык «Добрый ангел мира» сыйлыгынын лауреаты. Ысык-Көл облусунун ардактуу атуулу.